Асел ЭШИМКАНОВА:

“Мелистей болгон киши биздин коомго дайым жетишпейт”

7-БЕТТЕ

Турусбек НОГОЕВ:

“Адал эмгек, таза жашоо – бийиктикке жол ачат”

8-9-БЕТТЕРДЕ

Белгилүү илимпоз Сатыбалды Өмүрзаков

16-БЕТТЕ

№108 (3443)

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

Эркин-Тоо

Жума, 2022-жылдын 9-декабры

www.erkin-too.kg

Муса ЖАМАНБАЕВ:

"ӨЗБЕК СЕНАТЫНЫН ТӨРАЙЫМЫ ЧЕК АРА КЕЛИШИМИ КЫРГЫЗДАРГА ПАЙДАЛУУ ЭКЕНИН БИЛДИРДИ"

3-БЕТТЕ

КУРМАНКУЛ ЗУЛУШЕВДИН УБАДАСЫ АРА-ЖОЛДО КАЛБАСА

Ысык-Көл районундагы Өрнөк айылынын тургуну Эрнис Исабеков айылдагы “жер мафиясына” каршы аттанып, далайлардын жүзүн ачууга киришкен. УКМК төрагасына, баш прокурорго гезит аркылуу кайрылып, тыңгылыктуу жооп болбогон соң Курманкул Зулушевдин Ысык-Көл районунун тургундары менен жолугушуусунда көйгөйдү бетине айтып чыкканы бар. Эрнис Исабековдун датын уккан Курманкул Зулушев ишти жеке көзөмөлүнө алып, ушул күндөрү Ысык-Көлдөгү прокуратуранын чоң-кичине чиновниктери Эрнис Исабековдун тизмектегендеринин бетин ачууга киришкени, адилеттүүлүк арыз ээси тарапта экенин эмитен айта башташканынан кабардар болдук. Эми бул ишти Курманкул Зулушев иштин көбүнөн унутуп калбай, аягына чейин көзөмөлгө алса жер алууга ынтызар көптөгөн жаштардын алкышына арзыйт беле? Биздин кабарчы да бул маселеге салкын мамиле кылбай, иштин артынан сая түшкөнү бар. Көйгөйгө тыкыр көз салып, иштин кандай нукта уланып жатканынан коомчулукту кабардар кылып турмакчыбыз.

ЖЕҢИШБЕК ТОКТОРБАЕВ СОЦФОНДДОГУ АДИЛЕТСИЗДИКТИ АЙТЫП ЧЫКТЫ

Парламенттеги “оригиналдуу идеялары” менен көпчүлүктүн назарына илинген эл өкүлү Жеңиш Токторбаев бул сапар көпчүлүккө жаккан коңгуроону кагып чыкты. Тагыраагы, соцфонд төрагасына карапайым мугалимдер отуз баланын осурагына чыланып, өмүр бою иштегени менен жарыбаган 5 миң сомдук пенсияга ээ болсо, адам тагдырын каалагандай калчаган соттор жүз миңдик пенсияга туйтунуп жатканы адилетсиз экенин айтып чыкты эле, тармак башчысы Бактыяр Алиев ар кайсынын башын бир чулгуп, ынанымдуу пикир айтканга жарабады. Аныгында Токторбаевдин айтканында жүйө бар. Мамлекеттин кароосун сот, прокурорго эмес мугалимдерге күчөтүп койгонго неге болбосун? Экс-президенттерге кыргыйдай тийип, түн уйкусун бузуп жаткан Жеңишбек мырза парламенттеги демдүү жүрүшү менен көпчүлүккө жаккан демилгелерди көтөрүүдө. Идеяларынын аягына дейре күрөшсө, мандатын көркүнө чыгарат беле?

ДЕМИЛГЕ КОЛДОО ТАПТЫ

БУУнун Башкы Ассамблеясы Кыргыз Республикасынын дагы бир демилгесин колдоду. Кыргызстан өзүнүн тынчтык, ядролук куралсыздануу жана массалык кыргынга учуратчу куралдарды жайылтууну токтотуу маселелерин жактай тургандыгы боюнча бекем позициясын карманып, 5-мартты – куралсыздануу жана жайылтпоо маселелери боюнча маалымдуулуктун эл аралык күнү деп жарыялоо демилгеси менен чыккан.

7-декабрда БУУнун Башкы Ассамблеясы Кыргыз Республикасынын демилгесин бир добуштан колдоп, резолюция кабыл алды. Бул туурасында Тышкы иштер министрлиги маалымат таратты.

Албетте, дүйнө геосаясий конфронтациянын катуу кризисин баштан кечирип жаткан азыркы кезде, бул демилге өтө маанилүү жана актуалдуу экендигинде кеп жок.

"Эркин-Тоо"

гезитине жазылууну эстен чыгарбаңыз!

2023-жылдын I жарым жылдыгына жазылуу баасы:

Гезитке жазылуу баасы почта кызматын кошкондо 6 айга:

которуу жолу менен – 1373 сом 52 тыйын;

накталай төлөө жолу менен – 1398 сом 00 тыйын.

КРнын Нормативдик акты журналына жазылуу баасы 6 айга:

Которуу жолу менен – 1536 сом 00 тыйын

Накталай төлөө жолу менен – 1563 сом 43 тыйын.

Жазылуу бардык почта түйүндөрүндө жүргүзүлүп жатат.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
Эркин-Тоо

Иш-жума

ЖЫЛУУ МААНАЙДАГЫ БААРЛАШУУЛАР

Мамлекет башчысы Садыр Жапаров 6-декабрда Россия Федерациясынын Президенти Владимир Путин, Казакстан Республикасынын Президенти Касым-Жомарт Токаев жана Өзбекстан Республикасынын Президенти Шавкат Мирзиёев менен телефон аркылуу сүйлөштү.

Жылуу маанайда баарлашкан президенттер Садыр Жапаровду туулган күнү менен куттукташып, жооптуу мамлекеттик ишине ийгиликтерди каалашты.

Президент Садыр Жапаров Владимир Путин жана Касым-Жомарт Токаев менен 9-декабрда Бишкекте өтө турган Жогорку Евразиялык экономикалык кеңештин жыйынынын күн тартибиндеги актуалдуу маселелерди талкуулады. Ал эми Шавкат Мирзиёев менен болгон сүйлөшүүдө анын Кыргызстанга мамлекеттик сапарын ушул айда өткөрүүнү макулдашты.

ПРЕЗИДЕНТТИ КУТТУКТАШТЫ

6-декабрда Президент Садыр Жапаровду туулган күнү менен Россия Федерациясынын Президенти Владимир Путин, Казакстандын Президенти Касым-Жомарт Токаев, Өзбекстандын Президенти Шавкат Мирзиёев, Беларусь Президенти Александр Лукашенко, КЭР Төрагасы Си Цзиньпин, Түркиянын Президенти Режеп Тайип Эрдоган, Азербайжандын Президенти Ильхам Алиев ж.б. куттукташып, чың ден соолук, бакубатчылык жана мамлекеттик ишмердигинде ийгиликтерди каалашты.

КЕРЕМЕТ ИНСАНДАР МЕНЕН БААРЛАШКАН КЕСИП ЭЭЛЕРИ

Кечээ Президент Садыр Жапаров радиоуктуруу жана телекөрсөтүү кызматкерлеринин кесиптик майрамы – Кыргыз Республикасынын радио жана телевидение кызматкерлеринин күнү менен куттуктады.

“Сиздердин кесибиңиздер өтө кызыктуу жана өтө маанилүү, сиздер кандай керемет инсандар менен баарлашып, кандай гана кайталангыс тагдырларды чагылдырып бересиздер, дайыма өлкөдө болуп жаткан окуялардын чордонунда жүрөсүздөр. Масс-медиага өз кесибин берилип сүйгөн, болуп жаткан окуяларды ар тараптуу жана калыс чагылдыра алган, таланттуу адистер ар дайым керек.

Бул майрам — жалгыз эле чыгармачыл адамдардын эмес, радио жана телекөрсөтүүнүн техникалык кызматкерлеринин да майрамы. Алардын аркасы менен кыргызстандыктар түркүнтүрдүү маалыматтардын күбөсү болуп келе жаткандыгын белгилей кетейин” деп чыгармачылык эргүү, креативдүү идеяларды жана бакубат өмүр каалаган.

ЖУМУШЧУ ТОП ТҮЗҮЛДҮ

Президент Садыр Жапаровдун кол койгон тескемесине ылайык, «Жалпыга маалымдоо каражаттары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоорун иштеп чыгуу боюнча жумушчу топ түзүлдү.

Анын курамына аталган мыйзамдын долбоорун жеткире иштеп чыгууга кызыкдар болгон ЖМКнын жана коомдук уюмдардын өкүлдөрү кирген. Жумушчу топ 2023-жылдын 1-мартына чейин долбоорду жеткире иштеп чыгып, коомдук талкууга чыгарышы керек.

КОРКУНЧТАРГА КАРШЫ ТУРУУДА ЖАЛПЫ КЫЗЫКЧЫЛЫК БИР

Коопсуздук Кеңешинин катчысы Марат Иманкулов Нью-Дели шаарында өткөрүлгөн «Индия – Борбор Азия» форматындагы улуттук коопсуздук кеңешчилери – коопсуздук кеңештеринин катчыларынын жолугушуусуна катышты.

Бул иш-чара кандайдыр бир мамлекеттер тобун обочолонтуу дегенди билдирбейт, тескерисинче, тынчтыкты жана туруктуулукту бекемдөө кызыкчылыгында кеңири аймактык кызматташтыктын уландысы болуп саналат.

Марат Иманкулов Борбордук Азия жана Индия мамлекеттеринин ортосунда аймактык коопсуздукту камсыз кылуу жаатында, ошондой эле, эл аралык терроризмдин, экстремизмдин жана баңги аткезчилигинин, өзгөчө Афганистандын аймагынан келип чыккан чакырыктарга жана коркунучтарга каршы турууда жалпы кызыкчылык бар экенин баса белгиледи.

Марат Иманкуловдун айтымында, кыргыз-индия мамилелери эки тараптуу жана көп тараптуу долбоорлордо оң жагына өнүгүүдө. Ошондой эле, Кыргызстан менен Индия достугу бекем жана эки тараптуу мамилелер өнөктөштүк мамиледе курулган.

МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИ ИЛИМИЙ ДОЛБООРЛОРДУ КОЛДООГО ДАЯР

Шаршемби күнү Министрлер Кабинети сандык жана сапаттык параметрлерге чыгуу менен экономиканын туруктуу өсүү темпине жетүүсүнө жардам бере турган реалдуу долбоорлор сунушталса, илимди колдоого жана каржылоону тийиштүү деңгээлге жеткирүүгө даяр экендигин Акылбек Жапаров Министрлер Кабинетине караштуу Илим, инновация жана жаңы технологиялар боюнча кеңештин кезектеги жыйынында билдирди.

“Бизде Илимдер академиясынын маалыматы боюнча, курулуш материалдарына жарактуу 180 млрд куб таш бар, бирок биз аларды пайдаланбай жатабыз. Сууну жашыл энергия катары гана эмес, суутек өндүрүү катары карап, кандайдыр бир себептерден улам аны сата албай калса, аммиакка, же жер семирткичке айландыруу керек. Илимдер академиясынын алдында бизди минералдык органикалык жер семирткичтер менен камсыз кылуу жана JICA «Бир айыл – бир продукт» долбоорунун алкагында иш алып баруу милдети турат» деди Акылбек Жапаров.

Министрлер Кабинетинин башчысы белгилегендей, келерки жылы өлкөнүн аймактарында 20 оорукананын курулушун баштоо пландаштырылууда.

ЭКОНОМИКАНЫ ӨНҮКТҮРҮҮДӨ ИНВЕСТИЦИЯ МААНИЛҮҮ

Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров Бишкек инвестициялык саммитинде мамлекеттин экономикасын өнүктүрүүдө инвестициялардын маанилүү ролун белгиледи.

Акыркы беш жылда жаңы инвестициялык долбоорлордо кичи жана орто бизнестин үлүшү 5,7%дан 1,3%га кыскарган. Ар бир өлкөнүн экономикасынын туруктуу өнүгүшү көптөгөн факторлордон көз каранды, бирок алардын ичинен эң негизгиси чакан жана орто бизнести өнүктүрүү, өндүрүлгөн продукциянын экспортко багытталуусу болуп саналат.

«Кичи жана орто ишканалар өздөрүнүн мобилдүүлүгүнүн, ийкемдүүлүгүнүн, ишке карай инновациялык мамиле кылуусунун аркасында ар кандай өзгөрүүлөргө ыкчам көнүүгө, жаңы продукцияны тез өндүрүүгө жөндөмдүү. Натыйжада, чакан жана орто бизнестин эсебинен оптималдуу чарбалык пропорциялар түзүлөт жана сакталат. Ошондуктан, биз мындан ары да кичи жана орто бизнести жигердүү колдоого, инвестициялоого жана алардын ишмердүүлүгүн күчөтүүгө, алдыңкы технологияны өздөштүрүү үчүн өз ара өндүрүштүк кооперацияны чыңдоого тийишпиз» деди Акылбек Жапаров.

НЕГИЗГИ КӨЙГӨЙЛӨР ТАЛКУУЛАНДЫ

Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары Бакыт Төрөбаев өлкөнүн металлургиялык ишканаларынын өкүлдөрү менен жолугушту.

Анда Бакыт Төрөбаев тармакты өнүктүрүүнүн натыйжалуулугун жогорулатуу зарылдыгын, бул ири өндүрүш ишканаларынын экономикалык кайтарымдуулугун күчөтүүгө багытталган алдыга коюлган милдеттерди аткарууга мүмкүндүк берерин белгиледи.

Жолугушуунун катышуучулары металлургарга жогорку салык жүктөлгөнүн, бул чыгашалар тобокелдигине алып келгенин, анткени ички рынокто сатуунун көлөмү төмөндөп, ал эми экспорттук агым металлургия продукциясын — болот, чоюн жана башка металл буюмдарын чыгарууга эбактан бери адистешкен өлкөлөрдөн келген жеткирүүлөр менен атаандашууга мүмкүнчүлүк бербей жатканын билдиришти.

Даярдаган
Жылдыз ДЫЙКАНОВА

КАЛБАЙ КАЛБАСАК БОЛДУ

Кыргызстандын Өзбекстандагы Атайын жана толук ыйгарым укуктуу элчиси Муса ЖАМАНБАЕВ:

“ӨЗБЕКСТАНГА КЕЛГЕН КЫРГЫЗДАРДЫН САНЫ ӨСҮҮДӨ”

Биз суроо бердик. Муса мырза элчи катары этикадан чыкпай жооп узатты. Сыпааланып... Эмесе, биздин элчибиз эмнелерди эптеп жатканын маекте толук айтып берди.

- Муса мырза, жакында кыргыз парламенти Өзбекстан менен чек ара маселесин ратификациядан өткөрдү. Бул саамалыкты Өзбекстан тарап кандай кабылдап жатышат?

- Соңку жылдары Кыргызстан менен Өзбекстандын ортосундагы эки тараптуу мамилелер ыраатуу өнүгүүдө. Эки тараптуу кызматташууда мамлекеттик чек ара маселелерин чечүү өзгөчө маниге ээ. Ушуга байланыштуу пандемиянын чектөөлөрүнө карабастан эки өлкөнүн өкмөттүк комиссияларынын жыйындары тынымсыз өтүп, мамлекеттик чек аранын айрым тилкелеринде талаа изилдөөлөрү жүргүзүлүп жатты. Жыйынтыгында 2022-жылдын 3-ноябрында Бишкек шаарында Чек аранын айрым тилкелери боюнча келишимге жана Кемпир-Абад суу сактагычынын суу ресурстарын биргелешип башкаруу жөнүндө макулдашууга кол коюлду. Мунун негизинде өзбек парламенти аталган документтерди ратификациялоо процедурасын баштаган. 14-ноябрда мыйзам чыгаруу палатасы чек аранын айрым тилкелери жөнүндө Кыргызстан менен Өзбекстандын ортосундагы келишимди жана Кемпир-Абад суу сактагычынын суу ресурстарын биргелешип башкаруу жөнүндө макулдашууну ратификациялоо тууралуу мыйзамдарды жактырган. Анда парламентте Өзбекстандын Премьер-министри А.Н.Арипов катышып, жер тилкелери менен алмашуу боюнча кеңири маалыматты берген. Ал документтерге кол коюу коңшу өлкө менен мамилени жаңы баскычка чыгарууга шарт түзөөрүн белгилеген. 18-ноябрда Өзбекстандын Олий Мажлисинин Сенаты 35-пленардык жыйынында аталган документтерди ратификациялоону бир добуштан жактырды.

- Алардын парламенти жетишилген келишимдер кыргыз тарапка пайдалуу экендигин айтыштыбы?

- Ооба, Өзбекстандын Сенатынын төрайымы Т.Нарбаева чек ара келишим кошуна кыргыз тарапка пайдалуу экендигин, бул мыйзамдарды ратификациялоо узак мөөнөттүү көйгөйлүү жана талаштуу маселелерди оң нукта чечүүгө, өлкөлөрүбүздүн кызматташтыгын мындан ары өнүктүрүүгө, боордош өзбек жана кыргыз элдеринин мындан ары да жакындашуусуна бекем укуктук негиз болуп кызмат кылат деген ишенимин билдирди. Өзбек парламентинин жогорку палатасынын депутаттары эки мыйзамды тең бир добуштан жактырышып, эч ким каршы болгон жок. Сенаттын төрайымы Т.Нарбаева документтерди “тарыхый” деп атады. Мамлекеттик чек аранын чечилбегени чек ара аймактарында жерди пайдалануу, чарбалык ишмердүүлүк, транспорттук байланыш ж.б. ушуга окшогон бир катар көйгөйлөрдү жаратчу. Чек ара маселелерин оң нукта чечүү жана мамлекеттик чек араны мыйзамдаштыруу эки тараптуу кызматташууга, соода-экономикалык байланыштарды өнүктүрүүгө түрткү берет.

- Учурда Өзбекстанда канча кыргыз жараны бар? Аларды кайсы көйгөй тынчсыздандырат экен?

- Учурда Кыргызстандын Өзбекстандагы элчилигинде 3271 кыргыз жараны каттоодо турат. Алардын 3149у Өзбекстанда жашоого туруктуу, ал эми 122 жараныбызда убактылуу жашап туруу уруксаттары бар. Өзбекстанга келген кыргыз жарандарынын санынын динамикасы акыркы жылдары өсүүдө. Элчиликке көбүнчө паспорт алмаштыруу менен мекенге кайтып кетүү күбөлүгү боюнча кайрылышат. Кыргызстан менен Өзбекстандын чек арада жайгашкан аймактарда биздин жарандар өздүгүн тастыктоочу документтерди жоготуп алган учурлар боюнча кайрылуулар да көп.

- Эки өлкөнүн ортосунда экспорт маселеси кантип жатат? Бизден өндүрүлгөн жер-жемиштерди Өзбекстанга көбүрөөк сатуу жагын жолго койсо болот бекен?

- Биздин өлкө Өзбекстан менен соодада оң натыйжага ээ болгон 4 өлкөнүн бири болуп саналат. Өзбекстандын экспорту Кыргызстандан импортко караганда дээрлик 5 эсеге көп. 2021-жылдын мартында Президент Садыр Нургожоевичтин Өзбекстанга болгон мамлекеттик иш сапарынын жүрүшүндө мамлекет башчылары тарабынан өз ара соода жүгүртүүнү 2 млрд АКШ долларга жеткирүү тапшырмасы коюлган. Макулдашуулардын жыйынтыгы менен тараптар өз ара соода жүгүртүүнү 30%га көбөйтүүгө жетишип, азыркы учурда эки мамлекет ортосундагы соода алакалардын көлөмү өскөн. Салттуу түрдө экспортко багытталган негизги азык-түлүк болуп картошка саналат. Адатта, Ноокат, Алай жана Чоң-Алай райондорунан алынган картошканын көбү Өзбекстандын түштүк облустарына экспорттолот. Учурда элчилик сүт жана балык азыктарын экспорттоону жолго коюу боюнча активдүү иш алып барууда. Кыргызстанда соңку жылдары бодо жана майда малдын саны көбөйүп, сапаттуу балы бир катар чет өлкөлөрдө белгилүү болууда. Кытай – Кыргызстан – Өзбекстан логистикалык багыты ишке ашса, Өзбекстан менен Кыргызстандын ортосундагы экспорт эң жогорку деңгээлге жетет.

- Жыл жаңыраар алдында турабыз. Мындан ары да Өзбекстан менен мамиле жаңы тепкичтерге көтөрүлөөрүнө ишенсек болобу?

- Биздин өлкөлөр саясий диалогдун жогорку деңгээлине жеткени ачык көрүнүп турат. Биз соода-экономикалык жана инвестициялык кызматташтыкты мындан ары жигердүү өнүктүрүүгө, өз ара соода жана өнөр жай кооперациясын түзүүгө, маданий-гуманитардык байланыштарды терендетүүгө, эл аралык жана аймактык уюмдардын алкагында кызматташтыкты чыңдоого даярбыз. Өзбекстандын Президентинин Кыргызстанга боло турган мамлекеттик иш сапары эки өлкөнүн чарба жүргүзүүчү субъектилеринин ортосундагы өз ара сооданы көбөйтүүгө жана соода-экономикалык байланыштарды кеңейтүүгө түрткү болуп, кыргыз-өзбек элдеринин улуттук-маданий мурасын жана байлыктарын сактоо, аларды өнүктүрүү боюнча тараптардын күч-аракеттерин бириктирээри талашсыз. Кыргызстан менен Өзбекстан өз ара мамилелеринин бардык спектри боюнча ачык жана мазмундуу сүйлөшүүгө даяр жана кызматташтыктын прогрессивдүү өнүгүшүнө дайыма кызыкдар деп айта алам.

Калыгул БЕЙШЕКЕЕВ

СӨЗДҮН КЫСКАСЫ

АРСТАН АЛАЙГА АЙЫП ПУЛ САЛЫНДЫ

Өзгөчө жүрүш-турушу менен коомчулукту чочутуп ийген Арстан Алайды унута элексиңерби? Курган киши рулда баратып коопсуздук курун тагынганды унутуп калган экен МАИчилердин “кылтагына” илинип, айып пул төлөөгө милдеттендирилди. Арстан Алайдын ар бир жүрүшү коомчулукту эриктирбейт эмеспи, МАИлердин “тузагына түшкөн” кадамы дароо интернет түйүнүн каптап кетти. Кайран киши “кылт эткен” кадамы менен коомчулукту эриктирбейт экен го.

ДИНАРА МОЛДОШЕВА АЙЫМДАР АРАСЫНАН ТОП ЖАРУУДА

Айрымдар ичтери күйбөй эле койсун. Мурдагы депутат, КыргызПатентти буга чейин жетектеп келген Динара Молдошева ушул күндөрү океандын ары жагынан демдүү кайтты. АКШдагы программага атайын барып катышып келген Динара айым ушул күндөрү мамкызматтан келчү ооматты күтүп отура бербей, айымдар жаатындагы изги иштерди колго алганы, бул жагынан да алдыңкы күндөрү далай кызыктар жагынан ачылыш жасары каңкулануу да. Англис тилинде сүйлөп койбой, грамматикасы жагынан да тылын бекемдеп алган каарманыбыз абройлуу программа аркылуу кыргыз айымдары үчүн алгылыктуу идея, аракеттерин иш жүзүнө ашырса, көпчүлүк кыз-келиндерге үлгү болот эле. Биз бул жагынан кымча бел каарманыбыз менен алдыда кеңири сөз кылууга аракет жасамакчыбыз.

АБАНЫН БУЛГАНЫШЫ АВТОУНААДАНБЫ?

Шаарыбыздын экологиясын кантип тазартабыз деген суроо бүгүн кабыргасынан коюлуп турган чак. Кечээ парламентте да ушул маселе көтөрүлдү. Белгилүү болгондой Министрлер Кабинети 450 млн сомго электромобилдерди сатып алууга ниеттенүүдө. Муну менен элге үлгү көрсөтүүнү да көздөп жатышат. Бирок шаардын экологиясы кыш мезгилинде гана мүмкүн болчу нормадан ашып, дүйнөдөгү эң таза эмес шаарлардын катарына кошулуп калууда. Демек, шаардын экологиясы автоунаалардан эмес, калктын үйдү жылытуу үчүн колго урунган отундарды пайдалангандан жана ЖЭБге сапаты начар көмүрдүн жагылуусунан көбүрөөк жабыркап жаткандай. Андыктан маселенин мына ушул жагын да эске алганыбыз туура болот.

ИНВЕСТИЦИЯНЫН АГЫМЫ ӨСҮҮДӨ

Үстүбүздөгү жылдын январь-сентябрь аралыгында чет өлкөлүк түз инвестициянын агымы 958 миллион долларды түзүп, өткөн жылга салыштырганда 1,9 эсеге көбөйдү. Статистика боюнча улуттук комитеттин маалыматы боюнча өлкөгө келген инвестициянын көлөмү тышка чыгарылгандардын агымынан 395 миллион долларга ашканы белгиленди.

Чет өлкөлүк түз инвестициялардын 96 пайызга жакыны пайдалуу кендерди казуу ишканаларына, иштетүү өндүрүшүнө, финансылык ортомчулук жана камсыздандыруу чөйрөсүнө, дүң жана чекене соодага, ошондой эле маалымат байланыштарына багытталган.

КМШ өлкөлөрүнөн тышкары башка чет өлкөлөрдөн келген инвестициялардын көлөмү былтыркы тогуз айга салыштырмалуу эки эсеге көбөйгөн. Алсак, Япония мамлекетинен 13 эсеге, Түркиядан 4, Швейцариядан 2,6, Кипрден 2,1, Кытайдан 1,6 эсе жана Нидерланд өлкөсүнөн 13,6 пайызга өскөн.

"Эркин-Тоо" пресс

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
Эркин-Тоо

УТРКга 90 жыл

УТРК – УЛУТТУН ЖҮЗҮ

Кыргыз Республикасынын Улуттук телерадио берүү корпорациясынын түзүлгөндүгүнө быйыл 90 жыл болду. Бир кылымга тете тарыхында кыргыз телевидениеси, радиосу бараандуу жолду басып өттү. Мааракеге арналып "Ааламдашуу шартындагы медиа" аттуу эл аралык форум болуп өттү. Форумду УТРКнын башкы директору Кайрат Иманалиев ачып, кыргыз телерадио берүүсүнүн алгачкы уюшулган жылынан тартып, азыркы абалына чейин токтолуп өттү.

КР Улуттук телерадиоберүү корпорациясынын башкы директору Кайрат ИМАНАЛИЕВ:

- Кыргызстанда эң алгач 1924-жылы "Эркин-Тоо" гезити негизделип иштей баштаган. Ал эми 1926-жылы радиолоштуруу иштери башталган. 1931-жылдын 19-декабрында Кыргыз АССРинин байланыш министрлигинин алдында радио комитет түзүлгөн. Дал ошол жылдан тартып Кыргызстанда профессионалдуу радио журналистикасы өз көчүн баштаган. Ал эми 1932-жылдын 9-майында Кыргыз ССР Борбордук Аткаруу комитетинин алдында Кыргыз мамлекеттик радио комитет түзүлгөн. Мына ошол комитет азыркы күндөгү улуттук каналдын башаты болуп саналат. 1957-жылга чейин радиоуктуруу боюнча мамлекеттик комитет болуп келгенбиз. Ал эми 1957-жылы радиоуктуруу жана теле көрсөтүү мамлекеттик комитети болуп түзүлгөн. Советтер Союзунун учурунда советтик идеологиянын негизги куралы катары иштеп келдик. Ал эми 1991-жылдан тартып, эгемендүү мамлекет болгондон кийин, Кыргыз мамлекетинин түптөлүшүнө, телчигишине көмөк көрсөтүп, Кыргыз мамлекетинин үнү жана жүзү болгон. Биздин корпорация ушундай байсалдуу жолду басып өттү. Канча жолу мамлекеттик, улуттук, коомдук деген макамдарга ээ болду. Ал эми үстүбүздөгү жылы Президент Садыр Жапаровдун Жарлыгы менен бизге "улуттук" деген макам берилди.

КРнын Мамлекеттик катчысы Сүйүнбек КАСМАМБЕТОВ:

- Кыргыз наркында, кыргыз салтында азыркы биз жашап жаткан заманга чейин эле журт кабары, эл кабары деген маалымат алмашуу, кабар айттыруу эрежеси болгон. Бир айылдан бир айылга кабар жеткирген чабармандар болгон. Алардын макамы элчилерден да бийик болгон. Барган жеринде коштоочу атчандар менен тосуп алып, бир журттун кабарын экинчи журтка жеткирип турган. Ал чабарманды сыйлап төргө олтургузган. Маалыматсыз адам баласы жашаган эмес. Кыргызстанда 1993-жылдары эгемен Кыргыз мамлекетинин массалык маалымат каражаттарынын мыйзамы кабыл алынган. Ошол мыйзам 30 жылдан ашуун убакыттан бери аракетте. Маалымат каражаттарындагы жоопкерчиликти көтөрүү, мыйзамдуулукту сактоо, дегеле маалымат саясатын ишке ашырууда ошол учурдагы Мамлекеттик катчы Осмонакун Ибраимов агайыбыздын эмгегин да айта кетпесек болбос. Азыр ал киши ушул жыйынга катышып залда олтурат. Кыргыз телевидениесине бүтүндөй өмүрүн арнаган Байма Сутенова сыяктуу мэтрлер катышууда. Ал кишилер азыр да талыкпастан эмгектенип жатат. Мен баарыңыздарды кыргыз улуттук теле радио берүү корпорациясынын 90 жылдык мааракеси менен чын ыкластан куттуктаймын. Ушул айдыңда, маалымат айдыңында эмгектенип жаткан журналисттердин ишине ийгилик каалайм.

КРнын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министри Алтынбек МАКСУТОВ:

- Жалпыга маалымдоо каражаттарынын арасында телевидение менен радио өзгөчө орунду ээлейт. Республиканын улуттук телерадио корпорациясы Кыргызстандагы телерадио тармагынын калыптанышына, өнүгүшүнө зор салым кошкон флагманы. Бүгүнкү күндө маалыматтык мейкиндикти өнүктүрүү максатында корпорация маалыматтык маданиятты агартуу жана билим берүү, интеграциялоо, социалдык агартуу, ошондой эле калкты мамлекеттик саясат менен ишенимдүү камсыз кылуу сыяктуу жогорку вазийпаны аркалап келет. Мындан сырткары УТРК көп улуттуу өлкөбүздөгү бардык улуттук социалдык топторго багытталган программаларды даярдап, инсандарды ар тараптуу өнүктүрүүгө, элдин маданий деңгээлин көтөрүүгө эбегейсиз зор салым кошуп келе жатат.

Казак Республикасынын Казакстан улуттук телерадиоберүү корпорациясынын төрайымы Лаззат ТАНЫСБАЕВА:

- Соңку жылдары Казакстан менен Кыргызстандын телерадио берүү корпорациялары чыгармачылык жактан байма-бай байланышып келет. Кайрат Олжобаевич Астанага бир нече ирет келип кетти. Өткөн жылы биз Чыңгыз Айтматовго арнап документалдык фильм тартып, анын бет ачарын Бишкекте өткөрдүк. Ал фильм биздин элге өзгөчө таасир берди. Кайрат Олжобаевич менен да сүйлөштүк, келечекте да даректүү тасмаларды бирге жаратабыз. Азыр биздин корпорация "Коркут ата" аттуу тарыхый сериалды тартып жатат. Ага Кыргызстандын улуттук телерадио берүү корпорациясы да колдоо көрсөтүүдө. Ал тасмага сиздердин белгилүү манасчы Рысбай Исаков тартылмакчы. Эмдиги жылы ал тасманы сиздерге алып келип көрсөтөбүз деген оюбуз бар. Бизде балдарга арналган "Балапан", ал эми сиздерде "Баластан" деп аталган программалар бар. Ошол эки студиянын ортосунда да тыгыз байланыш түзүүнү пландап жатабыз.

Ошондой эле Түркия радиотеле берүүлөр, Өзбекстан мамлекеттик телерадио берүүлөр мекемелеринин өкүлдөрү, Кытай эл Республикасынын Кыргызстандагы элчиси, Лондондон атайы келген дүйнөлүк "Би-би-си" кызматынын кыргыз кызматынын редактору Гүлнара Касмамбетова ж.б. куттукташты.

Өмүрбек ТИЛЛЕБАЕВ

КЫТАЙДА КОРОНАВИРУС КҮЧ АЛДЫ

Акыркы учурда өлкөдөгү эпидемиологиялык абал катаалдашып, коронавирустан жапа чеккендердин саны күн сайын көбөйүп жаткандыгына байланыштуу Кытайдын Гуанчжоу шаарында 80 миң орунга ылайыкталган карантиндик борбор курулуп жатат. Жалпы аянты 815 чарчы метрди түзгөн борбордо 21 870 кабыл алуучу бөлмө болуп, бир эле убакта 80 миң адамды кабыл алууга ылайыкташат. Учурда күндүр-түндүр жүрүп жаткан курулуш иштерине 18 миң жумушчу тартылып, контейнер ыкмасы пайдаланылууда. Бүгүнкү күндө медицина кызматкерлери үчүн 1 120 орун жана бейтаптарды изоляциялоо үчүн 1300 бөлмө даяр болгон. Борбордун аймагынан карантиндик жайлардан тышкары таштанды жыйноочу пункттар, унаа токтотуучу жана аларды дезинфекциялоочу аянтчалар дагы орун алат. Учурда Кытайдын бир катар шаарларында чектөөлөр киргизилип, тургундар күн сайын ПЦР-анализ тапшырууга мажбур болушууда.

ХАНЗААДАНЫН БЕЛЕГИ

Сауд Арабиянын ханзаадасы Мохаммед бин Салман Катарда өткөн Дүйнөлүк чемпионатта өлкөсүнүн курама командасынын оюнчулары Аргентина курама командасын жеңгени үчүн премиум класстагы "Роллс-Ройс Фантом" унаасын белекке тапшырды.

Сауд Арабиясы быйылкы дүйнөлүк чемпионаттын тайпалык баскычынын 1-турунун алкагындагы беттеште Аргентинаны 2:1 эсебинде жеңип алган.

КАЛКЫНЫН САНЫНА КАБАТЫРЛАНГАН КАНАДА

Канаданын калкынын санынын көпчүлүк бөлүгүн улгайып калган адамдар түзөт. Буга байланыштуу бир муун жапырт пенсияга чыга баштагандыктан өлкөнүн экономикасында кыйынчылык башталгандай. Себеби, өндүрүш, ишканаларда кадимки эле жумушчу күчтөрү жетишпей жаткан учур. Канада федералдык бийлиги өлкөнүн экономикасына керек болгон жумушчу күчтүн ордун иммиграциянын эсебинен толтурууга белсенип, 2023-жылдын январынан баштап 2025-жылдын аягына чейин жыл сайын 500 миң иммигрантты кабыл алууну пландап жатканын билдирди. Ошондой эле билдирүүдө жакынкы үч жыл аралыгында Канаданын калкы жалпысынан 1,5 миллион адамга көбөйүшү керектиги белгиленген.

КЕЛЕРКИ ЖЫЛДЫН ӨҢҮ ЖАРЫЯЛАНДЫ

Pantone уюму дүйнө боюнча 2023-жылдын башкы түсү катары сыя-көк (Viva Magenta) өңүн жарыялады.

"Салттуу эмес өң, салттуу эмес убакыт үчүн. Ал жылуулук менен салкындыкка тең салмак берет. Тайманбас, күчтүү жана эргүү берип турат" деп айтылат өң жөнүндө.

АМЕРИКАЛЫК МУСУЛМАНДАР "БИЙЛИГИ"

АКШнын Мичиган штатындагы 28 миң калкы бар Хамтрамк шаардык кеңешине мусулмандар шайланып, мэрликке дагы мусулман киши келди. Мусулмандар аймактын дээрлик жарымынан көбүн түзүшкөндүктөн, бул АКШдагы америкалык мусулмандардан түзүлгөн эң биринчи бийлик бутагы болуп калды.

Хамтрамк шаары – Эки чарчы милдеги дүйнө деп аталып, өз ураанына шайкеш жашайт. Калкынын санынын аздыгына карабастан көп улуттан түзүлүп, 30дай тилде сүйлөшөт.

ГАРРИ ПОТТЕРДИН ТЫЙЫНЫ

Падышалык тыйын сарайы "Гарри Поттер жана философиялык таш" китебинин биринчи басылышынын 25 жылдыгына карата Гарри Поттердин сүрөтү түшүрүлгөн тыйын чыгарды.

Тыйындарда жаш Гарри Поттерден тышкары профессор Дамблдор, "Кингс-Кросс" поезди, ошондой эле Хогвартс сыйкырчылар мектеби чагылдырылат. Ал эми арткы бетинде Елизавета IIнин сүрөтү чагылдырылган. Бирок, кийинки жылдан баштап анын сүрөтү Карл IIIтүн сүрөтү менен алмаштырылат. Тыйындын баасы металлына жана номиналына жараша 11 фунттан 5 миң фунт стерлингге чейин.

"Эркин-Тоо" пресс

Күнсобол

УБАРА ТАРТКАН "УЛУУ КӨЧМӨНДӨР МУРАСЫ"

Аталышы атантөдөй, мамлекеттик бюджеттен дээрлик үч жарым миллиард сом бөлүнүп, Кыргыз Республикасын бүгүн эле кризистен алып чыкчудай болуп түзүлгөн "Улуу көчмөндөр мурасы" улуттук холдинги бир жылга жетпей жоюлууда. Холдинг башчысы Тенгиз Бөлтүрүк камалгандан тартып аталышы кыргыздын жан дүйнөсүнө жат бул ишкананын тагдыры эми эмне болот деген суроо атпай журтту аралай чаап, жооп таппай жүргөн.

"Улуу көчмөндөр мурасы" улуттук холдинги кен казуу, гидроэнергетика, билим берүү, туризм жана башка ондогон тармактарда ири долбоорлорду ишке ашырууну алдыга максат койгон эле. Холдинг жабылгандан кийин Жогорку Кеңештин тармактык комитетинде долбоорго бөлүнгөн каражат тууралуу Каржы министри Алмаз Бакетаев 5-декабрда депутаттарга мындай деп маалымат берди:

- Жалпылап айтканда, "Улуу көчмөндөр мурасы" улуттук холдингине 2022-жылы 3,4 млрд сом акча каражаты мамлекеттик бюджеттен бөлүнүп берилген. Азыр бул сумманын 100%ы толугу менен мамлекеттик казынага кайтарылат. 700 млн сом өз милдеттенмелерин жабуу үчүн калтырылат. Салык кызматына 600 млн сом кайтарылат. Анткени, холдинг кен байлыктарды чалгындоо жана иштеп чыгуу үчүн лицензия алган, ошондуктан бул сумма кайра кайтарылат. Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигинин 11,8 млн сом талабы бар. Жалпы төгүмдөр 670-680 млн сом болот. Ал эми 20-30 млн сом кеңсенин ижарасы жана айлык акыга жумшалат.

Алмаз Бакетаевдин жогоруда сүйлөгөн сөзүнүн акыркы сабына маани берип карасаңыз: "Жалпы төгүмдөр 670-680 млн сом болот. Ал эми 20-30 млн сом кеңсенин ижарасы жана айлык акыга жумшалат", - деп ортодогу такталбаган суммадан эле 20 миллион сомдун кайда жумшалары так айтылбай калып жатат. Сөз мамлекеттик бюджеттен сарпталчу 670-680 сом жөнүндө болуп жаткан жок. "670-680 млн сом. 20-30 млн сом" жөнүндө болуп жатат. Бизде ушундай кыргызча түшүнүк жеке жашообузда эле эмес, мамлекеттик жооптуу кызматтарда да калыптанып калган. 20-30 млн сом кеңсенин ижарасы менен айлык акыга жумшалат экен. Холдинг түптөлгөндөн бери эмне иш аткарып, мамлекетке кандай киреше алып келди? Дегеле 3,4 млрд сом мамлекеттик бюджеттен бөлүп берип холдингди түзүүнүн канчалык зарылчылыгы бар эле? Аткарган функционалдык милдети окшош "Кыргызалтын" ААКсы эмнеге холдингдин милдетин өз мойнуна албайт?

Башкы прокуратура Кумтөрдөгү коррупциялык иштерге байланыштуу Тенгиз Бөлтүрүк менен кошо дагы бир нече кызматкерлерге айыбы угузулуп, камакка алынганын 13-сентябрда билдирген. Мыйзам көзөмөлдөө органы "Кумтөрдү" текшерүүдө ишкананын кызмат адамдарынын коррупциялык схемасынын кесепетинен мамлекетке бир миллиард сомго жакын зыян келтирилгени аныкталганын, үч кылмыш иши козголгонун билдирген.

Тенгиз Бөлтүрүк өзүнө козголгон кылмыш ишин "акылга сыйбаган иш" деп айтып:

- Мага болгон бардык айыптоо жалган жалаа, абсурд. Мен эки чоң компаниянын жетекчиси болуп иштедим, андан сырткары юридикалык иштерди дагы мен аткардым. Аябай көп иш менен алек болуп, бардык иштерди тыкыр көзөмөлдөп турууга жетишкен жокмун. Айрымдары чынында коррупциялык иштер менен алектениши мүмкүн. Анын баарын мага шылтап, мени каралоо негизсиз"- деп укук коргоо органдары тарабынан коюлган күнөөнү мойнуна албай келет.

"Центерра Голд" компаниясы башкарып келген "Кумтөр" алтын кенин Кыргыз Республикасы 2021-жылдын май айында өз карамагына алган. Ири алтын кенин мамлекеттин карамагына өткөрүп алууда Тенгиз Бөлтүрүк чечүүчү ролду аткарганы жалпыга маалым. Ал Кыргызстандын жана Канаданын жараны. Кыргызстанга келгенге чейин чет мамлекетте жашап, эмгектенген. 2020-жылы октябрь айында Кыргыз Республикасында бийлик алмашкандан кийин "Центерра Голд" компаниясынын Директорлор кеңешинин мүчөсү болгон. "Кумтөр Голд Компани" ишканасына 2021-жылы май айында убактылуу сырттан башкаруучу болуп дайындалган.

Тенгиз Бөлтүрүк "Улуу көчмөндөр мурасы" улуттук холдингдин башчысы болуп быйыл февралда дайындалган. Ал эми сентябрда коррупцияга байланыштуу камакка алынып, учурда УКМКнын тергөө абагында отурат. Бишкек шаарынын Октябрь райондук соту анын бөгөт чарасын карап, 10-январга чейин камакта калуусун узартты.

Жогорку Кеңештин депутаты Дастан Бекешев тармактык комитеттин отурумунда маселе көтөргөндөй, бул долбоордун ачылып, кайра жабылышына кандайдыр бир мамлекеттик чиновник жоопкерчилик алабы? Жетекчиси мыйзам бузуп камалган мамлекеттик структуралар жоюла берсе, анда бир нече министрликтер жоюлуп кетиши керек эле. Бир жылга жетпей "Улуу көчмөндөр мурасы" улуттук холдингдин жоюлуп жатканы мамлекет үчүн анчейин зарыл эмес мамлекеттик ишкана болгонунан кабар берет. Салык төлөөчүлөрдөн жыйналган мамлекеттин бюджетинен миллиарддаган сом акча каражатын сарптап бул холдингди түзүү жөн гана баланын оюнундай убаракерчилик болгонун мезгил өзү далилдеди.

Бахпурбек АЛЕНОВ

Коммерсанттын мекени болбойт

ЭКОНОМИКАЛЫК АЙМАК КОЛДООГО МУКТАЖ

Бир нече жылдан бери Бишкек эркин экономикалык аймагынын (ЭЭА) резиденттеринин саны төрт эсеге, тагыраагы 1200дөн ашык компаниядан 300гө чейин кыскарганын Жогорку Кеңештин депутаты Аманкан Кенжебаев тиешелүү комитеттин көчмө жыйынында билдирди. Мунун себеби, аймакта бизнес жүргүзүү үчүн шарттар жагымдуу эмес экенин баса белгиледи эл өкүлү. ЭЭАнын аймагындагы экономикалык ишти жөнгө салуу режими жалпы белгиленген режимден анча деле айырмаланбайт экен.

«Бишкек» ЭЭАнын башкы директору Кудрет Тайчабаров өз кезегинде эркин экономикалык аймактын алкагында салык режимин мындан ары либералдаштыруу боюнча чараларды көрүү керектигине токтолуп, 2022-жылдын 9 ай ичинде 24 келишим түзүлүп, инвестициянын көлөмү 1,7 млрд сом болгонун билдирди. Же болбосо жыл башынан бери 20 млн долларды тегерегинде суммага келишим түзүлүптүр. Ошондо ар бир келишимге 800 миң доллардан туура келет экен. Бул сумма эркин экономикалык аймактын өнүгүүнү көздөгөн максатына туура келер бекен? Мындай көлөмдөгү инвестиция менен эркин экономикалык аймак "гүлдөп" кетиши күмөн.

Өлкөдө акыркы жылдарда жүргүзүлүп жаткан экономикалык реформалардын алкагында ишкерлер үчүн бир топ жеңилдиктер каралды. Өлкөнүн 30дан ашык калктуу конуштарынын тизмеси аныкталып, өнөр жай ишканасын ачкан ишкерлерге жеңилдетилген салыктын түрү киргизилди. Бул өзүнчө эркин экономикалык аймакка тете иш. Айрым бир ишкердүүлүк боюнча аракеттеги салык Кодексине сарасеп салсак, анда өнөр жай субъекттерине каралган жеңилдиктер менен бирге, "Эркин экономикалык аймактын субъектинин иши салыктын бардык түрлөрүнөн бошотулат" деп ташка тамга баскандай жазылып турат. Чет элдик инвестор үчүн жалпы саны 107ге жакын жеңилдетилген салыктын түрү каралыптыр. Ошондо "Бишкек" эркин экономикалык аймагы эмнеден "аксап" жатат?

Негизи депутаттардын көтөргөн маселеси жөндүү. Кыргызстанда эркин экономикалык аймак институтунун пайда болгонуна отуз жылдан ашканы менен аталган тармак ЕАЭБдин башка өлкөлөрүнө салыштырмалуу эң начар өнүккөнүн моюнга алышыбыз керек. ЭЭАнын колго илешерлик ийгилиги жокко эсе. Өлкөнүн аймагында катталган "Бишкек", "Маймак", "Нарын", "Лейлек", "Каракол" эркин экономикалык аймактарынын бирөө гана дал ушул "Бишкек" ЭЭАсы гана иш алып барууда. Калганы кагаз жүзүндө "өмүр" сүрүп келет.

КМШ өлкөлөрүнүн арасында Өзбекстанда эркин экономикалык аймактардын ишмердүүлүгү жакшы жолго коюлганын белгилесек болот. Аларда 22 ЭЭА болсо, анын ичинен Навои, Ангрен жана Жиззак эркин индустриалдык экономикалык аймактары коңшу өлкөлөргө салыштырмалуу кечирээк өз ишин 2008-жылы баштаганы менен саамалыктары арбын экен. Кошуна өлкөнүн тажрыйбасына таянсак, негизинен резиденттер мүлк салыгын жана жер салыгын төлөөдөн бошотулат экен. Ошондой эле, жер тилкелери ЭЭАнын бардык мезгилине бекер берилерин, мындан тышкары, эркин экономикалык аймактын дирекциясы өз өнөктөштөрүнө бардык керектүү кызматтарды көрсөтүп, бирдиктүү терезе катары кызмат кыларын айтышат.

Негизи эркин экономикалык аймактар бизнес жүргүзүүчү субъектинин бейиши болушу кажет. Айрым эксперттердин пикири боюнча ЭЭАны өнүктүрүү үчүн ыңгайлуу инфраструктураны – электр энергиясы, суу менен камсыздоо жана тосулган аймакты түзүп, административдик тоскоолдуктарды кыскартуу зарылдыгын, ошону менен бирге аймактагы саясий стабилдүүлүк жана инвестициялык кепилдиктер инвесторлордун чечимдерине олуттуу таасирин тийгизерин билдиришет. Маселен, "Бишкек" эркин экономикалык аймагы алгачкы 12 жыл жемиштүү иштептир. Төрт миңден ашык жумуш оруну түзүлүп, резиденттер жыл сайын 500 млн сомдон ашык салык төлөшүп, ал эми продукциянын 70 пайызы экспортко кетчү экен. ЭЭАнын өнүгүшүнө эмнелер жолтоо болот? Салык мыйзамдарынын тез-тез өзгөрүп турушу, эң башкысы саясаттын өндүрүшкө аралашуусу аймактын өнүгүшүнө терс таасирин тийгизип келе жатыптыр. Саясий жеке көз караштын кесепетинен кошуна өлкөлөргө орун которуп кеткен ишкерлер болуптур. Ошондой эле Советтик башкаруу бийлигинен арылуу дагы маанилүү экен.

Чынында эркин экономикалык аймактар колдоого муктаж. Анткени, кошуна өлкөлөрдөгү ЭЭА атаандаштыгын эске алалы. "Коммерсанттын мекени болбойт" деп коёт. Алар пайда көрүүгө жагымдуу жакка ооп кете бирешет. Азыр Кыргызстанда эркин экономикалык аймактарды өнүктүрүү боюнча бирдиктүү саясат жок. Ошондуктан, эркин экономикалык аймактарды муунтпай, жардам берүү эл өкүлдөрүнүн дагы милдети.

Шекербек КАЛЫКОВ

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
Эркин-Тоо

Кылымдар кыйырында

ТАРЫХ КҮБӨСҮ БОЛГОН КЫРГЫЗ БААТЫРЛАРЫНЫН КҮМБӨЗҮ

Стамбулга баргандан баштап Изникке тезирээк барууну дегдеп жаттым. Анткени ал жерде кезинде Византиянын Изник шаарын алууда түрк туугандарга опол тоодой тирек болуп, баатырларча курман болгон кыргыз баатырларынын күмбөзү бар. Стамбулдан 120 чакырымдай алыстыкта турган Изник шаары бизге мына ушунусу менен жакын жана кыйын-кысталышта кол сунуп, керек болсо өлүмгө баш байлаган бир тууган эл экенибиздин күбөсү катары да сезилет.

Түркиянын жаратылышына суктанбай коё албайсың. Айрыкча кайда барба көкмөк деңиз сени ээрчип жүргөн сыяктуу Стамбулдун кайсы тарабына барба Мрамор, Босфор сууларын көрөсүң. Алардан алыстабай жүрүп отуруп мелмилдеп жаткан Изник көлүнө да жете келдик. Көлөмү жагынан Түркиядагы көлдөрдүн ичинен бешинчи орунду ээлейт экен. Баса, мына ушул Изник көлүнүн жээгинде быйыл 4-көчмөндөр оюну өтпөдүбү. Кыргыз жоокерлеринин күмбөзү турган Изник шаарында кыргыз бренди болгон көчмөндөр оюнунун өтүшү да символикалуу деп ойлойм.

Биздин Изникке саякатыбыздын программасында Кыргыздар күмбөзүнө баруу жок экен. Ошентсе да түрк туугандар кыргыз журналисттеринин каалоосун эске алып, баарыбызды – азербайжан, казак, өзбек коллегаларыбыз менен кошо күмбөзгө алып барышты. Күмбөз жөнөкөй, чакан, бирок айлана-тегереги тосулуп, таза турушу кароосуз калбаганын далилдеп турат. Бирок ушул жөнөкөй, эч бир айырмаланбаган эстелик жети кылым мурдагы тарыхты боюна сиңирип, бабаларыбыздын ченемсиз баатырдыгынын жаңырыгындай адамды толкундантып, бир башкача сезимдерге чулганасың. Күмбөздүн жанында айланатегерекке көз чаптырып 700 жыл илгери мына ушул жерлерде баатыр кыргыз бабаларыбыздын изи калганын элестеттим. Негедир бул жер көзүмө кыргыз жериндей эле көрүндү. Күмбөз эки бөлмөдөн турат. Жерге кыргыз шырдагы салынып турат. Эки тарабындагы секичеде бардыгы 8 саркофаг турат. КТРден барган оператор жигит куран окуп, бабаларыбыздын элесине таазим кылдык.

Кыргыз баатырларынын күмбөзүнүн тарыхына кайрылсак, эки ача маалыматтарды кезиктиребиз. Күмбөзгө кире бериштеги плакатта үч тилде, анын ичинде кыргыз тилинде минтип жазылып коюлуптур: “Бул күмбөз XI кылымдын аягында Изник шаарын жеңип алууга жана Анадолу Сельчук мамлекетинин борборунун түптөлүшүнө салым кошкон кыргыз жоокерлеринин урматына Султан Орхон Казы тарабынан тургузулган”. Бул маалымат боюнча 1081-жылы сельчуктардын Никеяны алуу үчүн салгылашында кыргыз баатырлары жардамга келген деген жыйынтыкка келүүгө болот. Салгылашта сельчуктар византиялыктарды жеңип, Никеяны ээлешет. Кийин крест-түүлөрдүн биринчи жүрүшүндө алардын колдоосу менен кайра византиялыктардын колуна өткөн 1097-жылга чейин Никеяны сельчуктар өзүлөрүнүн борбору кылышкан.

Бирок күмбөз 1332-жылы Орхон гази тарабынан дээрлик 250 жылга жакын мезгилден кийин тургузулганы эмнени айтып турат? Кыргыз баатырлары укмуштуудай баатырдыкты көрсөтүп, жеңиште чечүүчү роль ойногон үчүн ушунча мезгил унутулбай, эл оозунда аңыз болуп айтылып калса керек. 1081-жылы Никея үчүн сельчук-византия согушу мезгилинде Орхон гази эмес, анын атасы Осмон империясын негиздеген Осмон гази да төрөлө элек болсо керек эле. (Негизи Осмон газинин да, Орхон газинин да туулган жана каза болгон жылдары боюнча так маалыматты кезиктире албадым. Жылдары чаташкан маалыматтар бар экен.) Балким кыргыз баатырларынын эрдиги эл оозунда легендага айланып, Орхон газиге чоң таасир бергени үчүн 250 жылдан кийин да аларга урматын көрсөтүп күмбөз тургузушу мүмкүн. Экинчи жагынан алганда Орхон гази 1302-жылдан баштап Никеяны бутага алып, 1328-жылдардан крепостту курчоо аракеттерин күчөтүү менен 1331-жылы Никеяны каратып алганын эске алсак, балким кыргыз жоокерлери ушул салгылашта катышканбы деген да ой келбей койбойт.

Дагы бир жерде Султан Орхандын демилгеси менен кыргыз жоокерлери Изник шаарын чалгындоого катышып, андан кийин катуу салгылашта курман болгон тайманбас кыргыз баатырларынын эрдиги үчүн аларга арналып салынган деген маалымат да учурайт.

Башка бир маалымат мындайча баяндалат: “Улуу Осмон гази Осмон империясын түзгөн учурда Византиянын Азия бөлүгүндө үч негизги шаар болгон: Бурса, Акчакоджа жана бул өрөөндүн борбору – Никея шаары (азыркы Изник). Мына ушул Изник шаарын курчоодо, анын темир дарбазасын түрктөрдүн кошуунуна кыргыздардын отряды жардамга келгенге чейин эч ким бузуп өтө албай коёт. Ал күнү крепость үчүн кармашта кыргыздар алдыңкы катарда салгылашып, крепостко биринчи болуп киришет. Крепостту алууда бардык кыргыз жоокерлери каза болот. Дарбаза ачылып, Изник түрктөргө өтүп, Византиянын императордук армиясы талкаланат. Бул кармашта Осман газинин он миңдеген жоокерлери каза болот, бирок күмбөз кыргыз жоокерлерине гана тургузулган”.

Кандай болгон күндө да бул күмбөз түрк туугандардын улам бир крепостун ээлеп жүрүп отуруп Византия империясын кулатуусунда кыргыз жоокерлеринин кандайдыр деңгээлде салымы болгонун далилдеп турбайбы. Демек, биздин азыркы Түркия мамлекети менен боордоштук мамилелерибиздин башаты тээ тереңге, душманга каршы ийиндеш салгылашкан нечен кылым мурдагы доорлорго барып такалат. Ал эми кыргыз баатырларына арналып тургузулган күмбөздүн тарыхын тарыхчыларыбыз тактап койсо туура болчудай.

Түркия бийлиги бул күмбөздү сактап, оңдоп-түздөп камкордугуна алганы жакшы иш. 2004-жылы күмбөздүн жанына атактуу скульптор Тургунбай Садыковдун кыргыз баатырларына арнап тургузган эстелиги коюлган. Эстелик Кыргызстанда жасалып, ал жакка жеткирилген экен.

Бегим ТУРДАЛИЕВА

Кабарлар

КАТААЛ ЧАРА КӨРҮЛСӨ, КЫРСЫК АЗАЯР...

Спирт ичимдигин ичип алып, унаа айдагандар айдоочулук күбөлүгүнөн ажырайт. Жол эрежесин бузгандар, айып пулдарды мурдагыдан да көп төлөйт!

Жолдо жүрүп өмүргө коркунуч келтирген айдоочуларга карата көрүлгөн мындай катаал чаралар боюнча мыйзам долбоору Жогорку Кеңеште экинчи окууда каралды. Социалдык тармакта бул мыйзамга каршы чыккандар, колдогондор да болууда. Айрымдары айлык аз болуп жатса, айыпты жогорулаткан болбойт дешсе, айлыгың аз болсо эреже бузбай айда дегендер да бар. Айтор эмнеси болсо да жол кырсыктары азайса эсеп эмеспи. Жаңы мыйзам боюнча спирт ичимдигин ичип алып унаа айдаган киши биринчи жолу кармалганда бир жылга, кайталанса үч жылга унаа айдоого тыюу салынат. Ылдамдыкты нормасынан саатына 40-60 чакырымга катуу айдаса 7500 сом (учурда 5 500 сом), 60тан ашырса 15 000 сом (учурда 7 500 сом) айып каралат. Каршы тилке менен айдоого 15 миң сом (учурда 5 500 сом), жол эрежесин кайталап бузса кайра экзамен тапшырып айдоочулук күбөлүгүн кайталап алат. Автоээнбаштык кылгандар 15 миң сом төлөйт (учурда 7500 сом). Салынган айып пулдарды 70 пайыздык жеңилдик менен төлөө мөөнөтү 15 күндөн бир айга узартылат.

ЧЕК АРА МАКАМЫН АЛГАН АЙЫЛДАР КӨБӨЙДҮ

Экономика министринин орун басары Чоро Сейитов Жогорку Кеңештин жыйынында өлкөдө чек ара макамы берилген айылдардын саны 105ке көбөйгөнүн билдирди. Жаңы тизмеге Ош жана Баткен облусундагы бир катар айылдар киргизилген. Бирок кайсы айылдар экени айтылган жок. Буга чейин Баткен облусу боюнча 62 айыл чек ара макамын алган. Аларга бир катар жеңилдиктер берилип келген. Чек ара макамын жаңы эле алган айылдарга да мыйзам боюнча каралган жеңилдиктер, артыкчылыктар да берилет.

ОРУН АЛМАШУУДАН ЭМНЕ ӨЗГӨРӨТ?

2016-жылдан бери Саламаттыкты сактоо министринин жардамчысы болуп иштеп келген Тилек Мамадалиев Саламаттык сактоо министринин орун басары болуп дайындалды. Мурдагы орун басар Жаркынбек Касымбеков кызматынан кетти. Жаркынбек Касымбеков мурдагы министр Алымкадыр Бейшеналиевдин да орун басары болуп иштеп, кийин министр кызматын убактылуу тапшырганда анын милдетин убактылуу аткарган. Азыркы министр Гүлнара Баатырова дайындалганда Жаркынбек Касымбеков креслону бошотуп берип, кайра орун басарлык кызматына барган.

ЧАҢ МЕНЕН КИРДИН АЙЫНАН

Борбор Азиядагы мөңгүлөрдүн эришинин бирден-бир себеби — аларды чаң менен кирдин көп капташы болууда. Бул туурасында Евразия өнүктүрүү банкынын "Борбор Азиянын суу-энергетикалык комплексин жөнгө салуу" деп аталган докладында айтылат.

Анда мөңгүлөр Кыргызстан аймагынын төрт пайызын, Тажикстандын, Казакстандын жана Өзбекстандын алты пайызын ээлей турганы белгиленген. Алардын азаюу темпи жылына 0,2-1 пайызды түзөт. Соңку 50-60 жылда Тянь-Шань менен Памирдеги мөңгүлөр 14 пайыздан 30 пайызга чейин эриген.

Жазгүл КЕНЖЕТАЕВА

Рухуна таазим

Бүгүн замандын залкары Мелис Эшимкановдун туулган күнү. Тирүү болсо 60 жашка чыкмак. Эскерилип жатат, дагы да эскерилер. Биз бул сапар кепкесөзгө өзгөчө маани берген кашкөй инсанды жубайы Асел айым менен бирге эскердик. Аз да болсо залкардын рухуна эстелик болоор...

Асел ЭШИМКАНОВА:

“Жүрөгүн кантип багындыра алдым деп таң калгам”

- Асел айым, Мелис агабыз адамзаттын сырттаны эле. Мындай залкардын экинчи өмүрү үчүн алдыда кандай иштерди пландап жатасыз?

- Туура айтасыз, дал ошол себептен мен Мелис Эшимканов атындагы фондду түптөгөм. Кандай таланттуу, кандай чыгаан киши болсо да иш-чаралар өткөрүлүп, элеси эскерилип турбаса унутулуп калат. Фонд журналисттерге, кесипке алгачкы кадам таштаган студенттерге көмөктөшүүнү көздөйт. Ушул максатта биз сынак жарыялап, макалалары мыкты деп табылган кесиптешибизге 100 000 сом сыйлык тапшырып турабыз. Андан тышкары өлкөдөгү окуу жайлардын журналистика факультетинин студенттери арасында мыкты эссе жана макалаларга сынак жарыяланган. Бүгүн өтө турган эскерүү кечесинде ушул сынактардын жеңүүчүлөрү сыйланат. Андан тышкары, үч журналистке кызыктыруучу, ошондой эле Султан Раевдин демилгеси менен ушул иш-чарада Түрксой эл аралык сыйлыгы да бир кесиптешибизге тапшырылмакчы. Жеңүүчүлөр азырынча өзүбүзгө да табышмак, комиссия иш-чаранын жүрүшүндө жарыялайт. Кийинки жылдан тарта Мелис Эшимкановдун чыгармачылыгы жана коомдук-саясий ишмердигине арналган илимий-практикалык конференцияларды өткөрүүнү пландап жатабыз. Дагы бир саамалыгыбыз бар, ага-ини Мелис менен Эрнис Эшимкановдордун цитаталарынын жыйнагы чыкты, аны журналист Данияр Исанов топтогон.

- Маркумдун рухуна арнаган саамалыктар ылайым ишке аша берсин. Түшүңүзгө киреби? Атасынын ар өнөргө бай чыгармачылык “чымыны” балдарынан бирөө-жарымына оодубу?

- Түшүмө көп кирбей калды. Апам маркум унутулуп калганда же кандайдыр бир нааразычылыгы болсо түшкө кирет деп калат. Балдарыбыз гуманитардык багытка кетет окшоп калды. Экөөнүн тең чыгармачыл табияты байкалат. Уулум 17де, Варшава университетинде журналистика факультетинде билим алууда. Кызым 15 жашта, ушул окуу жылында 11-классты аяктайт. Ырдайт, бийлейт, англисче окуйт. Көркөм гимнастика боюнча спорт чеберлигине талапкер.

- Мелис Эшимканов бүгүн сизге гана эмес, бүтүндөй кыргыз журтуна, саясатына, журналистикасына жетишпей туру. Мындай өксүк комплекси коомчулук арасында да сезилип жатса керек...

- Мелисти жакшы тааныган журналист же саясатчыларды кезиктиргенимде баары ушинтип айтышат. Чындап эле жетишпей келет. Анын прогрессивдүү көз караштары, новатордук ой-жүгүртүүсү, окуяларды таамай болжоп, кырдаалды таасын талдай билиши ушул тапта абдан зарыл болуп турат. Мелистей болгон киши биздин коомго дайым жетишпейт. Андай кишилер абдан аз, чанда да жаралат көрүнөт.

- Мелис мырза жан дүйнө майрамын эңсеген, табиятынан мырза сапаттары бар, беттегенин бербеген көк жал болгондугу белгилүү. Ар өнөргө бай мындай инсандын жубайы болуш жоопкерчиликпи? Же?..

- Моюнга алайын, Мелис менен таанышканга чейин ал тууралуу жакшы деле билчү эмесмин. Кийин маңдайымда өзгөчө инсан турганын түшүнүп, мындай кишинин жүрөгүн кандайча багындыра алдым деп таң калгам. Балким жанында түшүнүп, көмөктөшүп, колдогон кишинин болушун көксөгөндүр... Мындай улуу кишинин жубайы болуу – албетте, чоң жоопкерчилик.

- Табиятынан сергек ой жүгүрткөн, тарыхы бар мындай залкар болгондо биздин журналистикага, жан дүйнөбүзгө, саясатыбызга деле дагы бир революция жасайт беле деп көп ойлонуп коем...

- Кеп жок, айтканыңызга толук кошулам. Бул Мелисти жакшы билгендердин да оюнда бардыр. Айта да жүрүшсө керек.

- Уникалдуу журналист, гениалдуу уюштургуч, стандартка салынбаган калемгер менен бирге иштешүү туз-насиби буюрбаптыр. 10 жашымдан тарта “Асаба”, кийинки “Агымды” кууп окуп, журналистикага дал ушул залкарды кумир тутуп келген мендейлер оголе көп болсо керек... Бул жагынан кандай кызык кептерди козгойт элеңиз?

- Анын гезиттери менен канчалаган муун чоңойду. Чындап эле Мелистин эч кандай стандартка сыйбаган ой жүгүртүүсү бар эле. Эң башкысы, Мелис демилгелерин ишке ашыруу үчүн жаш журналисттерге мүмкүнчүлүк берип, аларды туура багыттай билчү. Ошол эле убакта алардын укугун жана эркиндигин эч качан чектеген эмес. Ушул сапаты менен көптөгөн мыкты, өз ишинин чыныгы чеберлерин таптаган. “Эшимкановдун мектеби” деп көп айтып калышат. Шакирттери аны унутпай, улам эскерип турушканы албетте, сүйүндүрбөй койбойт.

Калыгул БЕЙШЕКЕЕВ

Салт-санаа санаага батырат

Атактуу Сарт Аке Доскулу уулу: “Түптүү элде нарк-нуска, салт, үрп-адат, адеп-ыйбаа туруктуу. Муну тутунбаган адам нарксыз, нускасыз. Мындай адам эл-журттан ажырайт. Эл-журттан ажырабас үчүн ар бир адам ата мурастарынын, салттын, нарк-нусканын, үрп-адаттын алдында милдеттүү. Бул ыйык түшүнүктөрдү жан дүйнөгө сиңирүү, дилинде баалап ыйык сактоо – жоопкерчиликтин жоопкерчилиги” - деген нуска сөзү муундардын боюна сиңип, алардын дилинде бүгүнкү күндө да ыйык сакталып келет.

Улуу дөөлөттөр кыргыз турмушунун өзөгү

Кыргыз элинин санжыргалуу көп кылымдык тарыхында рухий-адептик ыйман-дөөлөттөрү алмустакта тиричилик, салт-санаа, адептик салтка ээ болгон эрежелери тээ мурда эле кошо жашап, муундан-муунга өтүп, көөнөрбөс дөөлөткө айлангандыгы турмуш чындыгы болчу. Тээ эзелтеден калган руханий мурас жан дүйнөнүн жашоосунда терең сиңип, эң жогорку рух дөөлөтүбүз болгон касиеттүү “Манас” эпопеясы элдин тарбия-таалимине абалтан таасир этип, жашап келиши – бул рух дүйнөсүнүн күчү экендиги талашсыз. Ааламдашуу мезгилинде калк арасында алака-катыш кеңейип, түрдүү элдердин маданият, жүрүм-турум, адеп-ахлак, нарк-насаат, ыйман-нарк дөөлөттөрү аралашып, эскини жерип, атабабалардан уланып келе жаткан ыйман, адеп-ахлак сыяктуу көөнөрбөгөн, эскирбеген ыйык дөөлөттүү мезгил өткөн сайын кедеринен кетип бара жатат. Өзгөчө коомубуздун негизги кыймылдаткыч күчү болгон жаштар салт-санааны үстүртөн билип, туура эмес колдонуп, башка өлкөлөрдүн маданиятына оошуп бара жатат. Кыргыз элинин салттуу адеп-ахлак маданиятын жаратып-жайылтып, терең иликтөөгө алып, ырым-жырым, үрп-адат, салт-санаа ж.б. нарктуу кыйчалыш турмуштун кыйшыгын түздөп, атпай журтка белгилүү каада-салттарыбызды улуулар кичүү муунга жеткирип берүү милдет экендиги – бул турмуш чындыгы.

Өткөн-кеткен кемчиликти эске алуу менен турмуш тиричиликте колдонулбай, унутулуп бара жаткан акыйкат ишти колго алып, Президентибиз Садыр Жапаров “Улуттук нарк жөнүндө” Жарлыгын жумурай журтка ЖМК аркылуу тааныштырып, каада-салт, нарк, адеп-ахлак маселелеринин түпкү маанисин терең баамдап, турмуш, учур талап кылган чоң маселени көтөрө билгендиги кыргыз элинин келечеги кең экендигин айгинелеп койгонсуду. Эл муну көптөн күтүп, самап келген эле. Доорубуздун улуу жазуучусу, феномен Чыңгыз Айтматов "Адамдын адамдыгы – анын ыйманында", “Адам уулу канткенде адам болот”, “Адамга эң кыйыны – күн сайын адам болуу” деп айткандай турмуш философиясы жык толгон залкар ой мурастарын турмушка ашырып, жетекчиликке алышыбыз керек. Учурда ата салтыбыздагы адам наркына, каада-салтына болгон терең ишенимди кайра калыбына келтирип, турмуш-тиричиликке киргизип, тиешелүү жерде колдоно билүү, келечек муундарга үйрөтүү боюнча кечиктирилгис чара көрүү максатында рухий-педагогикалык дөөлөттөрдү жаратуу жана жайылтуу керек. Бул учурдун талабы, жарлыкты ийгиликтүү турмушка ашыруунун кечиктирилгис жолу. Мүчөл жашты белгилөө, келинди отко киргизүү, жүгүндүрүү, баланы бешикке салуу, жакшы бата берүү өндүү салт-санаалар элдик педагогика аркылуу ийгиликтүү чечилүүгө болор беле... Чындыгында кыргыз эли каада-салтка бай. Турмуш-тиричиликте беш жүзгө жакын каада-салтты пайдаланып, алар ооз эки чыгармаларда, эпостордо, санжыраларда кезиккен. Ынтымак-ырашкерликти жогору коюп, алмуздакта пайда болгон ырым-жырым, каада-салтты сактап, кийинки муунга өткөрүп беришибиз милдет.

Президентибиз С.Жапаров өзүнүн даанышмандыгын көрсөтүп, унутта калып бара жаткан жүздөгөн каада-салт, нарктарды улуу дөөлөт катары эсептеп, турмуш-тиричиликте терең колдонуп, келечек муунга, урпактарга толук бойдон өткөрүп берүү улуу миссия экендигин сезип, туюп тургандыгы зор жетишкендик.

“Баары жалган, өлүм ак” дегендей көзү өтүп, акка моюн сунган кишиге көз көрсөтүү парз. Мына ушул жагдайда айрым мүчүлүштүктөр, атап айтканда маркумду жоктоодо кайдыгерлик байкалып жүрөт. Мурда адамдын өмүрүн өтөгөнү, кылган кызматы, эмгеги, сый-ургаалы жөнүндө кошокто белгиленип келген. Маркумдун жашап өткөн өмүрүн бир нече сап кошок менен жумурай-журтка даңазалап, кайрадан тирилтип алгандай аза күтүүнүн салт-санаасы кошоктордо элге даңаза болоор беле?

Кары-жашына (ылайым жаштын өлүмүн бербесин) ылайыкташкан кошок кулактан кирип бойду алып, көз жаш төгүлүп, “тирилтип койбодуңбу” деп карылар шыпшына, бөлбүрөгөн кең жеңи менен көз жашын аарчып, эчкирип турганы эстен кетпейт. Бардыгынан өкүнүчтүүсү, маркумдун жакындарына угузууда сөздү терип айта албай, кабарды орой жеткирип, оор ахыбалга алып келген учур кездешпей койбойт.

Улуттук нарк-насилди дит коюп улуулардан угуу, “Каныбек”, “Көчмөндөр кагылышы”, “Кел-кел” китептери, улуу жазуучу Ч.Айтматовдун чыгармалары, кыргыздын улуттук руху, байрагы, толтура нарк насилдин, адеп ыйман маселелеринин казынасы – “Манас” эпопеясы жардамга келээр беле... Тилекке каршы азыркы муундар телефонду кулакка тосуп, компьютерден таап алабыз дегени жосунсуз жаман жорук. Жаштардын китеп окубагандыгы, жан дүйнөсү жардыланып, ой жүгүртүүсү тар болуп, жаңылыктар менен таанышпагандыгы учурдун орчундуу өкүнүчү бойдон кала берери чындык. Бардыгынан өкүнүчтүүсү көчөдөн кезиккен адамдардын, жаштардын, мектеп окуучуларынын журналист тарабынан берилген суроолорго жооп бере албай тургандыгын көрүп, билим деңгээлинин өтө төмөндүгү кыжаалат кылат.

Кыргыз мамлекети өсүп-өнгөн куттуу мамлекет болот деген аруу тилек ишке ашып, нарк-насилинин кереметтүү кудуретин көкүрөгүндө туюп-сезип, натыйжада турмушубузда унутта калган көөнө ырым-жырым, асыл нарк-насил, адеп-ахлак маселелери эл жүрөгүнөн орун алып, келечек урпактар баалап, улуттук нарк багытындагы эмгектерди терең үйрөнүп, турмушка ашыруурга аракет көрүүлөрү учурдун талабы бойдон кала бермекчи.

Айна ОСМОНОВА, КРнын эмгек сиңирген мугалими

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
Эркин-Тоо

Кут даарыган аймак

Ош облусундагы Кара-Суу районунун мамлекеттик администрациясынын башчысы-аким Турусбек НОГОЕВ:

“АДАЛ ЭМГЕ БИЙИКТИККЕ

Кара-Суу району Кыргызстан боюнча эң ири райондордун бири. Райондо 16 айыл өкмөтү жана 1 шаар, алардын карамагына кирген 137 айыл-кыштак бар.

Район боюнча 2022-жылдын 10 айында 28 өнөр жай ишканасы, ал эми калкка кызмат көрсөтүү боюнча 41 жаңы ишкана ачылып, жергиликтүү тургундарды жумуш менен камсыз кыла баштады. Мамлекетибиздеги эң чоң райондо ишке ашып жаткан ийгиликтер зор аракет менен изденүүлөрдүн аркасында жаралып жаткандыгы, айтпаса дагы белгилүү.

Райондун жетекчиси Ногоев Турусбек Молдобекович эл жүгүн аркалап, учурда көптөгөн көйгөйлүү маселелерди чечүү менен алек. Кара-Суу району социалдык-экономикалык жактан өнүгүүгө, көптөгөн ийгиликтерди жаратууга мүмкүнчүлүгү кенен аймак. Ак эмгеги менен бакубат жашоого умтулушкан райондун жашоочулары ар жылы мол түшүмгө, кирешелерге ээ болушуп, заман агымы менен жаңыча жашоого умтулушууда. Ата Журтун, Мекенин, элин эбегейсиз сүйүп-барктаган Кара-Суулуктардын бак-таалайы, эмгектен тапчу утуштары чексиз экендигинде шек жок.

Жаш болсо дагы өмүр таржымалында жетекчилик кызматтарда камчы салдырбай эмгектенип, тажрыйбаны мол топтогон райондун акими Турусбек Молдобекович биздин кабарчыбыз менен болгон маегинде төмөндөгүлөрдү айтып берди.

АЙЫЛ ЧАРБАСЫ – ӨНҮГҮҮНҮН НЕГИЗИ

- Аталган райондо аймак элинин бакубаттуу жашоосун камсыздай турган күрдөөлдүү эмгек жылдын төрт мезгилинде тынымсыз зуулдап турат. Азыктүлүк коопсуздугун камсыздоо багытында айыл-чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгүн жогорулатууга жана айыл чарба өндүрүшүнө алдыңкы технологияларды киргизүү үчүн көп күчтөр жумшалууда.

Кара-Суу районунун аймагында 22506 дыйкан-фермердик чарба, 31 айыл чарба кооперативи, 8 үрөнчүлүк чарба, 1 мамлекеттик асыл-тукум кой заводу, 10 жеке (жылкы, мал, кой) асыл тукум статусун алган фермердик чарбалары иштеп жатат.

Натыйжада райондо айыл чарбасынын дүң продукциясы 17 млрд 89 млн сомду түзүп, өсүү темпи жогорулады. Бул жылда дыйкандар адаттагыдай эле күзгү кылкандуу дан эгиндерин, жаздык арпа-буудайды, жүгөрүнү, картошканы, жашылчажемиштерди, пахтаны, өсүмдүк майын, күрүчтү, тоют өсүмдүктөрүн үлүш жана арендага алынган жерлерине себишип, учурда берекелүү күздүн ыроологон ырыскыларына ээ болушту.

Министрлер Кабинети тарабынан 2022-жылдын жазгы талаачылык жумуштары үчүн Россиядан 175 тонна жаздык арпанын, 127 тонна жаздык буудайдын, 15,6 тонна софлердун, 5 тонна буурчак үрөндөрү алынып келинип, дыйкан-фермерлерге “Айыл банк” аркылуу 4,5% үстөгү менен насыяга 2 жылдык мөөнөткө таркатылып берилген. Райондо 8 үрөнчүлүк чарба иш алып барат.

Быйылкы жылы дыйкандардын эгинин жыйноо үчүн 41 даана дан оруучу комбайн жана 12 комбайн жардам иретинде башка райондордон тартылды. Биздин райондо айыл чарба тармагы экономикалык өнүгүүнүн негизги көрсөткүчүн түзгөндүктөн, ушул тармакка артыкчылык берип, ири киреше алып келебиз.

ТАЗА СУУ – ДЕН СООЛУК ӨБӨЛГӨСҮ

- Кара-Суу районунун аймагында 136 калктуу конуш болсо, анын 20сына жетпеген айылга такыр суу жетпейт. Ушул жылы 5 айылга таза суу тартылып пайдаланууга берилди. Андан сырткары таза суу жетпеген калктуу конуштарды ичүүчү таза суу менен камсыз кылуу боюнча долбоорлор даярдалууда. Бул жылы 5 конушту ичүүчү суу менен камсыз кылууда республикалык, эл аралык уюмдар жана жергиликтүү бюджеттин эсебинен долбоорлор каралып, учурда аракеттер көрүлүүдө. Кара-Суу шаарынын калкын таза суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды тазалоо, чыгаруу системаларын жакшыртууда Европа реконструкциялоо жана өнүктүрүү банкынын колдоосу менен 2016-жылдан бери жумуштар уланып, жакында эле долбоор аягына чыкты.

Кара-Суу районунда саркынды сууларды тазалоочу обьектини куруу боюнча 2021-жылы тендер өткөрүлүп, Чехия мамлекетинин “Ханза” компаниясы жеңип алган. Ушул жылы сентябрь айында Кара-Суу шаарынын мэриясы менен аталган компаниянын ортосунда келишим түзүлгөн. Савай айыл өкмөтүнө караштуу Курбан-Кара айылына “Аль-Рашид” фондусу 55 кожолукка жер астынан таза суу чыгарып беришип, эл алкышына ээ болушту. Андан тышкары, Отуз-Адыр айыл өкмөтүнө караштуу Фархад, Чоок, Тынчтык айылдарына “Ас-Сафа” фондусу аркылуу 6 чакырым аралыктан таза суу жеткирилди. Жарыяланган тендердин негизинде Жаңы-Арык айыл өкмөтүндөгү Таш-Арык айылына жана Правда айылындагы Достук конушуна таза суу жеткирүү үчүн иш-аракеттер жүрүп жатат. Нариман айыл өкмөтүндөгү Күрөңкол айылына, Савай айыл өкмөтүндөгү Октябрь айылына жергиликтүү бюджеттен каражат бөлүнүп таза суу чыгарылды. Калкты ичүүчү таза суу менен камсыз кылуу райондук администрациянын күн тартибинде турган маселелердин бири болуп эсептелет.

ЖОЛ ОҢОЛСО – ИШ ОҢОЛОТ

- Райондун аймагында жолдордун жалпы узундугу 680,1 чакырымды түзөт. Анын ичинен мамлекеттик маанидеги жолдор 240,6 чакырым, жергиликтүү маанидеги жолдор 315,1 чакырымды түзүп, эл аралык жолдордун узундугу 124,4 чакырымды камтыйт. Район боюнча жалпысынан 4 жол тейлөө ишканасы жолдордун абалына көз салып, тейлейт. Жыл ичинде жол коопсуздугун камсыз кылуу максатында мамлекеттик бюджеттин эсебинен кыш мезгилиндеги тайгалак жолдордун коркунучун азайтуу иштери, табигый кырсыктарды жоюу, асфальт жолдорду оңдоп-түзөө, чуңкурчаларды бүтөө иштери аткарылып жатат.

Үстүбүздөгү жылы жалпы район боюнча 41,5 чакырым жолго асфальт төшөө жумуштары аткарылды. Алар негизинен республикалык, жергиликтүү бюджеттин жана демөөрчүлөрдүн эсебинен аткарылды.

№45-жол тейлөө мекемеси тарабынан Кара-Суу, Отуз-Адыр, Кеңсай унаа жолунун 1 чакырым аралыгына асфальт төшөлдү. Район аймагындагы 50,5 чакырым унаа жолун тейлеген №956-жол тейлөө мекемеси Ош – Кара-Суу – Өзгөн жолунун 22-40 чакырым аралыгындагы 806,5 м^2 аң-чөнөктөрдү жамоо иштерин аткарышты.

Ал эми №21 жол тейлөө мекемеси Кара-Суу районундагы 306,8 чакырым унаа жолун тейлейт. Анын ичинен 74 чакырымы эл аралык, 155,6 чакырымы мамлекеттик, калган 77,2 чакырымы жергиликтүү жолдорго кирет. Ушул жол тейлөө мекемелери мамлекеттик бюджеттин эсебинен табигый кырсыктарды жоюу, жол белгилерин орнотуу, асфальт жолдорду оңдоо ж.б. көптөгөн иштерди жасашты. Учурда Ош-Озгур унаа жолунун 11-12,5 чакырымындагы 1,53 чакырым жолго асфальт төшөө иштери аягына чыгып калды.

Жалпы район боюнча 5,13 чакырым аралыктагы жолдор асфальтталды. Жаз мезгилинен тарта район карамагындагы жолдорду оңдоп-түзөө иштери улантылмакчы.

8 МЕКТЕПТИН КУРУЛУШ ИШИ ЖҮРҮП ЖАТАТ

- Республикалык бюджеттен жалпы 8 мектепти, 2 бала бакчаны, 3 спорт залды куруу үчүн акча каражаты бөлүнүп, учурда курулуш иштери жүрүүдө.

Жергиликтүү бюджеттен жыл башында акча каражаты бөлүнүп, 2 бала бакча, 3 ФАПтын курулушу башталган. 2022-жылдын 10 айына 2 ФАП, 2 бала бакча

Жоош айыл аймагындагы «Ак-Текс» жаңы ачылган ишканасы

ЕК, ТАЗА ЖАШОО-
КЕ ЖОЛ АЧАТ”

Райондо чарбалар аралык каналдарды чаап-тазалоо иштери

колдонууга берилди, 1 ФАПта курулуш иштери улануудa.

Жеке ишкерлер тарабынан 1 бала бакча, 2 мектепке кошумча окуу корпусу курулуп колдонууга берилди. 2 жабык спорт зал, 1 кичи футбол аянтчасы, 1 жеке менчик оорукана, 1 ФАП курулууда.

Чет элдик инвесторлор тарабынан 3 ФАП, 1 мектеп жана 1 социалдык шаарча колдонууга берилди, 1 ФАП, 1 тигүүчү цехтин курулушу жүрүүдө.

ТУРИЗМДИ ӨНҮКТҮРҮҮ – КЕЛЕЧЕККЕ ЖОЛ АЧАТ

- Райондо туризмди өнүктүрүү багытында көптөгөн иштер жасалууда. Бул тармакты өнүктүрүү боюнча райондун шаар жана айыл аймактарынын социалдык-маданий, экономикалык жана экологиялык көйгөйлөрүн чечүүгө, ошону менен бирге маданий баалуулуктарды, улуттун өзгөчөлүгүн сактоону, туризмди өнүктүрүүнүн негизги булагы болуп саналган жаратылыш ресурстарын оптималдуу пайдалануу камсыздоо, калкты туруктуу иш менен камсыз кылуу, аны менен жергиликтүү калктын экономикалык мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү, туризм чөйрөсүндө бизнести өнүктүрүү жана инвестицияларды тартуу үчүн жагымдуу шарттарды түзүү боюнча иш-аракеттер жүрүүдө.

Ошону менен бирге транспорттук жол жана инфратүзүмдөрдү калыбына келтирүү жана коомдук коопсуздукту камсыз кылуу, санитардык-эпидемиологиялык абалды жакшыртуу, районду көркөндүрүү, маданий мурастарды сактоо максатында иш-аракеттер белгиленип, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан аткарылууда.

Туристтик тармакты активдүү илгерилетүү жана өнүктүрүү максатында, Чыйырчык ашуусунда “Чыйырчык” жана Каттаталдык айыл аймагынын Талдык участкасында “Талдык” тоо лыжа базалары кышкы сезонго туристтерди кабыл алууга даяр турууда.

ИНВЕСТИЦИЯЛАР – ИЙГИЛИК АЧКЫЧЫ

- Райондун экономикасына туруктуу инвестицияларды тартуу жана жаңы жумуш орундарын түзүү максатында көптөгөн аракеттер жүрүүдө. 2022-жылдын 10 айына Кара-Суу районуна тартылган ички жана тышкы инвестициянын көлөмү 2 млрд 843 млн 565 миң сомду түздү. Анын ичинен 1 млрд 64 млн 528 миң сомдук тышкы жана 1 млрд 779 млн 37 миң сомдук ички инвестиция тартылды.

Жалпы сметалык баасы 2 млрд 843 млн 565 миң сомду түзгөн долбоордун курулушу 100 пайыз бүтүп колдонууга берилди, айрымдары колдонууга берүү алдында турат.

Негизинен өнөр жай продукциясынын өсүүсү райондун айылдык аймактарында жайгашкан бардык чарба жүргүзүүчү субъекттердин эсебинен камсыз болду. Райондо тоо-кен казуу өнөр жайында, продукциясын кайра иштетүү тармагында өндүрүүнүн көлөмү дагы өсүп жатат. Район аймагындагы айылдарда ишканалар ачылып, жаңы жумушчу орундары түзүлдү.

БИЛИМ БЕРҮҮ – МААНИЛҮҮ МАСЕЛЕ

- Кара-Суу районунда 2022-2023-окуу жылында жалпы билим берүүчү 147 орто мектептерде балдар билим алууда. Жалпы мектепке чейинки билим берүү мекемелеринин саны-138. Мамлекеттик-1, муниципалдык-104, 33 жеке менчик бала бакчаларда 14058 балага 526 мугалим-тарбиячы билим берет.

Быйылкы окуу жылында 12 жаңы бала бакча ачылып, ал бакчаларда 1260 бала тарбияланып жатат. Бала бакча менен камсыздоо 30%га жогорулап, 175 мугалим-тарбиячы иш менен камсыз болду.

Балдар чыгармачылык борборундагы 144 тайпада 49 түрдүү ийримдер иштеп, 1035 окуучу билим алышат. “Алтын түйүн” улуттук балдардын инженердик-техникалык Академиясында (филиал) 194 окуучу билим алууда.

“Электрондук китепкана” долбоору менен 74 мектепке билим берүү министрлиги тарабынан берилүүчү компьютерлерди, проекторлорду кабыл алуу үчүн атайын класстык окуу каналар даярдалды.

Жалпы Республикалык тестирлөөнүн жыйынтыгы боюнча 2 бүтүрүүчү “Алтын сертификатка”, 4 бүтүрүүчү “Алтын тамга” артыкчылык аттестатына ээ болушуп, 2 бүтүрүүчү республикалык олимпиададан 2-орунду алууга жетишти. Учурда 110 мектепте, 85 бала бакчада көмөкчү чарба уюштурулган.

Жалпы 82 мектептин башталгыч класстарынын окуучулары үчүн ысык тамак, 65 мектепте бир маал тендердик шартта шашке чай берилет.

2022-2023-окуу жылында 16 мектепке “Мерсико” Эл аралык уюму тарабынан, 1 мектепке Бүткүл дүйнөлүк азык-түлүк программасынын каржылоосу менен ысык тамак уюштурулган.

РУХАНИЙ АЗЫК – ЖАН ДҮЙНӨ БАЙЛЫГЫ

- Кара-Суу районунда маданият бөлүмү заман талабына жараша көптөгөн иштерди жүргүзүп жатат. Маданият бөлүмүнө караштуу 1 райондук, 22 айылдык маданият үйү, 1 борборлоштурулган жана 18 айылдык китепканалар, 1 аймактык тарыхый музей, Болуш Мадазимов атындагы балдар музыкалык мектеби аймак элинин руханий байлыктарын арттырып, маданий иш-чараларды жүргүзүшүүдө.

Президенттин “Инсандын руханий адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө” жарлыгынын жана “2022-жыл Эл аралык Тоолордун экосистемасын коргоо жана климаттык туруктуулук жылы” деп жарыялоо жөнүндөгү жарлыгынын алкагында маданият бөлүмүнө караштуу бардык маданий мекемелерде ар түрдүү темалардагы иш-чаралар өткөрүлдү.

“Улуттук нарк жөнүндө” Президенттин жарлыгын аткарууда айыл аймактарында “Ак элечек энелер” топтору менен биргеликте жаштар, мектеп окуучулары менен жолугушуу кечелери, тегерек столдор, концерттик программалар уюштурулду. Маданияттын күзгүсү болгон маданият үйлөрү учурда тегиз иштеп, райондун калкы ыраазы. Оңдоп-түзөөгө муктаж айрым маданият үйлөрүндө ар жылы капиталдык ремонт иштери жүргүзүлүп, ирээтке келтирүү салтка айланган.

КАЛК ДЕН СООЛУГУ – КӨҢҮЛ ЧОРДОНУНДА

- Кара-Суу районунун жалпы дарыгердик практикалык борборунда (ЖДПБ) 2058 медкызматкер эмгектенет. Кара-Суу ЖДПБда 28 үй-бүлөлүк дарыгерлер борбору, 80 ФАП калкка кызмат көрсөтөт

Папан жалпы дарыгердик практикалык борборунда жалпы 95 медициналык кызматкер эмгектенет. Эмкананын түзүмүнө 1 ҮДТ, 6 ФАП кирет. Тез жардам медициналык кызматында 2 бригада кызмат аткарат. Дарыдармектер, медициналык жабдуулар жетиштүү.

Раиса ДҮЙШӨНБЕКОВА

Жаңы-Арык айыл аймагындагы жаңы ачылган «Ак-Буура» кум шагыл чыгаруучу ишканасы

Кашкар-Кыштак айыл аймагындагы кондитердик ширидиктерди чыгаруучу жаңы ачылган өнөр жай ишканасы

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
Эркин-Тоо

Аймактарда

ИЗДӨӨДӨ ЖҮРГӨНДӨР КАРМАЛДЫ

Ош шаарында Интерпол аркылуу эл аралык издөөдө жүргөн эки кытай жараны кармалды. Кармалган чет өлкөлүк жарандар 2020-жылдан бери Шэньси провинциясынын укук коргоо органдары тарабынан экономикалык кылмыш жасагандыгы үчүн издөөдө жүрүшкөн.

Финансылык көз боёмочулук жолу менен алар 40тан ашык жарандын 17,44 млн юанын (болжол менен 2,5 миллион доллар) алып алышкан. Аталган чет өлкөлүк жарандарды камакка алууга облустук прокуратура уруксат берген.

Учурда кармалгандар Ош шаардык ИИБнын убактылуу кармоочу жайына киргизилип, аларды экстрадициялоо маселеси менен компетенттүү органдар алектенүүдө.

ЗОМБУЛУКСУЗ ЖАШАЙЛЫ

Ушул жылдын 11 айында Сүлүктү шаарында аялдарга карата 13 зордук-зомбулук фактысы катталган. Ал эми балдарга карата бир зомбулук фактысы катталып, милиция кызматкерлери тарабынан коргоо ордерлери берилип көзөмөлгө алынган.

Сүлүктүдө учурда 16 күндүк "Зомбулуксуз жашоо" аталышында акция жүрүп жатат. Бул жолу шаардык мэриянын, билим берүү бөлүмүнүн, балдар менен иштөө комиссиясынын, социалдык коргонуу бөлүмүнүн кызматкерлери мектеп окуучулары менен чогуу жөө жүрүш жасашты.

"Зомбулуксуз жашоо" аталышындагы республикалык акциянын алкагында Ысык-Көлдө да окуучулар арасында спорттук иш-чара өттү.

"Эркин-Тоо" пресс

«КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ӨНҮКТҮРҮҮ БАНКЫ ЖӨНҮНДӨ» КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

2022-жылдын 27-октябрында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган

1-берене

«Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик өнүктүрүү банкы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2012-ж., №7, 2772-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 1-берененин 1-бөлүгүнүн экинчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«Банктын бирден-бир акционери мамлекеттик мүлктү башкаруу маселелерин жүргүзүүчү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын атынан чыгуучу Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети болуп саналат.»;

2) 14-берененин 5-пунктунда «Өкмөтүнө» деген сөз «Министрлер Кабинетине» деген сөздөргө алмаштырылсын;

3) 15-берененин 1-бөлүгүнүн экинчи абзацында «Өкмөтүнүн» деген сөз «Министрлер Кабинетинин» деген сөздөргө алмаштырылсын;

4) 21-беренеде:

а) 3-бөлүктө «Премьер-министри» деген сөз «Министрлер Кабинетинин Төрагасы» деген сөздөргө алмаштырылсын;

б) 6-бөлүктө «Өкмөтү» деген сөз «Министрлер Кабинети» деген сөздөргө алмаштырылсын;

в) 7-бөлүктө «Премьер-министринин» жана «Премьер-министри» деген сөздөр тиешелүүлүгүнө жараша «Министрлер Кабинетинин Төрагасынын» жана «Министрлер Кабинетинин Төрагасы» деген сөздөргө алмаштырылсын;

5) 22-берененин 3-бөлүгүндө «Өкмөтүнүн» деген сөз «Министрлер Кабинетинин» деген сөздөргө алмаштырылсын.

2-берене

Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Президенти **С.ЖАПАРОВ**

Бишкек шаары, 2022-жылдын 5-декабры, №115

ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

О ВНЕСЕНИИ ИЗМЕНЕНИЙ В ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ «О ГОСУДАРСТВЕННОМ БАНКЕ РАЗВИТИЯ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ»

Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 27 октября 2022 года

Статья 1

Внести в Закон Кыргызской Республики «О Государственном банке развития Кыргызской Республики» (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 2012 г., №7, ст. 2772) следующие изменения:

1) абзац второй части 1 статьи 1 изложить в следующей редакции:

«Единственным акционером Банка является Кабинет Министров Кыргызской Республики в лице уполномоченного государственного органа, ведающего вопросами управления государственным имуществом.»;

2) в пункте 5 статьи 14 слово «Правительству» заменить словами «Кабинету Министров»;

3) в абзаце втором части 1 статьи 15 слово «Правительства» заменить словами «Кабинета Министров»;

4) в статье 21:

а) в части 3 слова «Премьер-министром» заменить словами «Председателем Кабинета Министров»;

б) в части 6 слово «Правительством» заменить словами «Кабинетом Министров»;

в) в части 7 слова «Премьер-министра» и «Премьер-министр» заменить соответственно словами «Председателя Кабинета Министров» и «Председатель Кабинета Министров»;

5) в части 3 статьи 22 слово «Правительства» заменить словами «Кабинета Министров».

Статья 2

Настоящий Закон вступает в силу по истечении семи дней со дня официального опубликования.

Президент Кыргызской Республики **С.ЖАПАРОВ**

г.Бишкек, 5 декабрь 2022 года, №115

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН САЛАМАТТЫК САКТОО МИНИСТРЛИГИНИН «АЛДЫН АЛУУЧУ МЕДИЦИНА» ИЛИМИЙ-ӨНДҮРҮШТҮК БИРИКМЕСИНЕ «УЛУТТУК» СТАТУСУН ЫЙГАРУУ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

ЖАРЛЫГЫ

Өлкөнүн аймагынын санитардык-эпидемиологиялык коопсуздугун камсыз кылууга багытталган алдын алуучу медицина чөйрөсүндөгү илимий-практикалык жана билим берүү ишин өнүктүрүү жана калктын ден соолугун коргоо жана чыңдоо максатында, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 71-беренесин жетекчиликке алып, **токтом кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин «Алдын алуучу медицина» илимий-өндүрүштүк бирикмесине «улуттук» статусу ыйгарылсын жана мындан ары Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу «Коомдук саламаттык сактоо улуттук институту» деп аталсын.

2. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети өзүнүн чечимдерин ушул Жарлыкка ылайык келтирсин.

3. Бул Жарлыктын аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

4. Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Президенти **С.ЖАПАРОВ**

Бишкек ш., 2022-жылдын 7-декабры, ПЖ №386

БАТКЕН АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫНЫН КУРАМЫНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

ТОКТОМУ

Баткен аймактык шайлоо комиссиясынын мүчөсү С. Асыланов каза болгондугуна байланыштуу «Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 4, 8-беренелерине, «Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1, 19-беренелерине, 22-беренесинин 10-бөлүгүнүн 6-пунктуна, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2019-жылдын 6-декабрындагы №176 токтому менен бекитилген «Шайлоо комиссияларын түзүү, таркатуу жана шайлоо комиссияларынын резервин түзүү, жүргүзүү тартиби жөнүндө» Жобого ылайык, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Баткен аймактык шайлоо комиссиясынын курамына төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

- жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан көрсөтүлгөн Асыланов Саитказы комиссиянын курамынан чыгарылсын;
- «Жаңы-Доор» саясий партиясынан көрсөтүлгөн Иматиллаева Махабат Жолдошбаевна резервден комиссиянын курамына киргизилсин.

2. Бул токтом «Эркин-Тоо» газетасына жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

3. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары Н.Ч.Койчукеевге жүктөлсүн.

ТӨРАГА **Н.ШАЙЛДАБЕКОВА**

Бишкек ш., 2022-жылдын 6-декабры, №101

Чүй облусунун Сокулук райондук соттук аткаруучулар кызмат бөлүмү

Чүй облусунун Сокулук райондук сотунун 2022-жылдын 6-июндагы ЖИ- 1807/21-Ч6 сандуу аткаруу барагынын өндүрүп алуучу "ЮСиЭйч кредит" жоопкерчилиги чектелген коомунун пайдасына жалпы насыялык карыз 227 131 (эки жүз жыйырма жети миң бир жүз отуз бир) сомду өндүрүү үчүн Бутешова Бермет Рыскуловнанын күрөөгө коюлган жалпы пайдалануу аянты 68,80 чарчы метр, жашоо аянты 53,98 чарчы метр, 852,12 чарчы метр жер тилкесине жайланышкан турак жайы. Сокулук районунун, Новоповловка айыл өкмөтүнүн Пионерлер көчөсүнүн №25 үйүн 2023-жылдын 23-январында саат 10.00дө биринчи жолу ачык соода-сатыкта сатыла тургандыгын жарыялайт.

Соода-сатыкка катышууну каалаган жарандар, мүлктүн баштапкы наркынын 5 пайызын сот аткаруучулардын аймактык бөлүмүндөгү депозиттик эсебине шертпул катарында төлөөсүн, ошондой эле соода-сатыкка катышууну каалаган жарандардын арыздары соода-сатыктын башталышына бир күн мурда калганда бүтөрүн, соода-сатыктын баштапкы баасы **1 518 000 (бир миллион беш жүз он сегиз миң) сомдон** башталарын жарыялайт.

Н-201

Чүй облусунун Сокулук райондук соттук аткаруучулар кызмат бөлүмү

Чүй облусунун Сокулук райондук сотунун 2022-жылдын 26-майындагы ЖИ-190/22-Ч6 сандуу аткаруу барагынын өндүрүп алуучу "ЮСиЭйч кредит" жоопкерчилиги чектелген коомунун пайдасына, жалпы насыялык карыз 648 166 (алты жүз кырк сегиз миң, бир жүз алтымыш алты) сомду, өндүрүп алуучунун мамлекет пайдасына төлөнгөн 23 663 сом алымын, ортоктош тартипте өндүрүү үчүн Кудайбергенова Гулжамила Дубанакуловнанын күрөөгө коюлган жалпы пайдалануу аянты 40,9 чарчы метр, жашоо аянты 29,6 чарчы метр, 800 чарчы метр жер тилкесине жайланышкан турак жайы. Сокулук районунун Ак-Жол айылы, Школьная көчөсүнүн №3 А үйүн 2023-жылдын 23-январында саат 11.00дө биринчи жолу ачык соода-сатыкта сатыла тургандыгын жарыялайт.

Соода-сатыкка катышууну каалаган жарандар, мүлктүн баштапкы наркынын 5 пайызын сот аткаруучулардын аймактык бөлүмүндөгү депозиттик эсебине шертпул катарында төлөөсүн, ошондой эле соода-сатыкка катышууну каалаган жарандардын арыздары соода-сатыктын башталышына бир күн мурда калганда бүтөрүн, соода-сатыктын баштапкы баасы **596 895 (беш жүз токсон алты миң сегиз жүз токсон беш) сомдон** башталат.

Н-201

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТЕРИНИН КЭЭ БИР ДЕПУТАТТАРЫНЫН ЫЙГАРЫМ УКУКТАРЫН МӨӨНӨТҮНӨН МУРДА ТОКТОТУУ ЖАНА БОШ КАЛГАН МАНДАТТАРДЫ ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТЕРДИН ДЕПУТАТТЫГЫНА ТАЛАПКЕРЛЕРГЕ ӨТКӨРҮП БЕРҮҮ ЖӨНҮНДӨ АК-ТАЛАА, КОЧКОР, ТОКТОГУЛ, ТОГУЗ-ТОРО ЖАНА ТҮП АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯЛАРЫНЫН ЧЕЧИМДЕРИН БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына жергиликтүү кеңештерде депутаттардын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жана бош калган мандаттарды өткөрүп берүү жөнүндө аймактык шайлоо комиссияларынын төмөнкү чечимдери келип түштү:

- Ак-Талаа аймактык шайлоо комиссиясынын – Нарын облусунун Ак-Талаа районундагы Жаңы-Талап айылдык кеңеши боюнча;
- Кочкор аймактык шайлоо комиссиясынын – Нарын облусунун Кочкор районундагы Кочкор айылдык кеңеши боюнча;
- Токтогул аймактык шайлоо комиссиясынын – Жалал-Абад облусунун Токтогул районундагы Кызыл-Өзгөрүш айылдык кеңеши боюнча;
- Тогуз-Торо аймактык шайлоо комиссиясынын – Жалал-Абад облусунун Тогуз-Торо районундагы Тогуз-Торо айылдык кеңеши боюнча;
- Түп аймактык шайлоо комиссиясынын – Ысык-Көл облусунун Түп районундагы Ак-Булуң, Сары-Булак жана Түп айылдык кеңештери боюнча.

Аталган чечимдер «Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 20-беренесине, “Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренесине жана “Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 52-беренесине ылайык кабыл алынган.

«Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 4-беренесинин 1-бөлүгүнүн 28-пунктуна ылайык, «Борбордук шайлоо комиссиясы жергиликтүү кеңештин депутатынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндө, жергиликтүү кеңештин депутатынын бош калган мандатын өткөрүп берүү жөнүндө аймактык шайлоо комиссияларынын чечимдерин бекитет».

Аймактык шайлоо комиссияларынын бекитүүгө келип түшкөн чечимдеринин "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 52-беренесинин жана "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3, 5-беренелеринин талаптарына ылайыктуулугун карап чыгып, "Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 3, 4, 8-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Ак-Талаа, Кочкор, Токтогул, Тогуз-Торо жана Түп аймактык шайлоо комиссияларынын жергиликтүү кеңештердин кээ бир депутаттарынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндө чечимдери 1-тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Ак-Талаа, Кочкор, Токтогул, Тогуз-Торо жана Түп аймактык шайлоо комиссияларынын бош калган мандаттарды талапкерлерге өткөрүп берүү жөнүндө чечимдери 2-тиркемеге ылайык бекитилсин.

3. Жергиликтүү кеңештердин 1-тиркемеде көрсөтүлгөн депутаттарынын күбөлүктөрү ушул токтом жарыяланган күндөн тартып анык эмес деп таанылсын.

4. Ак-Талаа, Кочкор, Токтогул, Тогуз-Торо жана Түп аймактык шайлоо комиссиялары жергиликтүү кеңештердин шайланган депутаттарын 2-тиркемеге ылайык каттасын жана аларга белгиленген үлгүдөгү күбөлүктөрдү жана төш белгилерди тапшырсын.

5. Бул токтом «Эркин-Тоо» газетасына жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

6. Бул токтомдун көчүрмөсү тиешелүү аймактык шайлоо комиссияларына жана жергиликтүү кеңештерге жөнөтүлсүн.

7. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары Н.Ч.Койчукеевге жүктөлсүн.

ТӨРАГА **Н.ШАЙЛДАБЕКОВА**

Бишкек ш., 2022-жылдын 6-декабры, №100

Кыргыз Республикасынын
Шайлоо жана референдум өткөрүү
боюнча борбордук комиссиясынын
2022-жылдын 6-декабрындагы
№100 токтомунун 1-тиркемеси

Ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотулган жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын тизмеси

№	Жергиликтүү кеңештердин аталыштары	Ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотулган жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын Ф.А.А.	Депутаттын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу боюнча АШКнын чечиминин № жана датасы жана чечимге негиз
Нарын облусу			
Ак-Талаа району			
1.	Жаңы-Талап айылдык	Бердибек уулу Ислам	Ак-Талаа АШК №90, 25.11.2022-ж. (17.11.2022-ж. - өз арызы)
Кочкор району			
2.	Кочкор айылдык	Сыдыков Бердибек Даткаевич	Кочкор АШК №9, 25.11.2022-ж. (16.11.2022-ж. - өз арызы)
Жалал-Абад облусу			
Токтогул району			
3.	Кызыл-Өзгөрүш айылдык	Мутуев Эмилбек Мейманжанович	Токтогул АШК №46, 24.11.2022-ж. (Токтогул райондук жарандык ал-абалдын актыларын жазуу бөлүмү тарабынан берилген өлгөндүгү тууралуу күбөлүк берилген күнү 14.11.2022-ж., №KGZ07 0210036, №378);
Тогуз-Торо району			
4.	Тогуз-Торо айылдык	Аманалиева Назира Керимовна	Тогуз-Торо АШК №5, 24.11.2022-ж. (Тогуз-Торо райондук жарандык ал-абалдын актыларын жазуу бөлүмү тарабынан берилген өлгөндүгү тууралуу күбөлүк берилген күнү - 27.10.2022-ж., №KGZ07 0201049, №103);
Ысык-Көл облусу			
Түп району			
5.	Ак-Булуң айылдык	Исаматова Айзат Тыныбековна	Түп АШК №13, 29.11.2022-ж. (27.11.2022-ж. - өз арызы)
6	Сары-Булак айылдык	Сыдыков Акылбек Кенешакунович	Түп АШК №15, 29.11.2022-ж. (24.11.2022-ж. - өз арызы)
7	Түп айылдык	Ишембаева Жеңишкүл Токчулуковна	Түп АШК №17, 29.11.2022-ж. (21.11.2022-ж. - өз арызы)

Кыргыз Республикасынын
Шайлоо жана референдум өткөрүү
боюнча борбордук комиссиясынын
2022-жылдын 6-декабрындагы
№100 токтомунун 2-тиркемеси

Жергиликтүү кеңештердин шайланган депутаттары деп таанылган талапкерлердин тизмеси

№	Жергиликтүү кеңештердин аталыштары	Жергиликтүү кеңештин кийинки шайланган депутатынын Ф.А.А.	Иштеген жери, ээлеген кызматы	Бош калган депутаттык мандатты ыйгаруу боюнча АШКнын чечими
Нарын облусу				
Ак-Талаа району				
1.	Жаңы-Талап айылдык	Ысмагул уулу Сыртбек	Убактылуу иштебейт	Ак-Талаа АШК №90, 25.11.2022-ж.
Кочкор району				
2.	Кочкор айылдык	Табалдиев Зарылбек	Кочкор райондук билим жана илим кызматкерлеринин профсоюз комитетинин төрагасы	Кочкор АШК №10, 25.11.2022-ж.
Жалал-Абад облусу				
Токтогул району				
3.	Кызыл-Өзгөрүш айылдык	Сманова Гүлбайра Бабановна	К.Чодошова атындагы орто мектеби, завуч.	Токтогул АШК №24, 17.11.2022-ж.
Тогуз-Торо району				
4.	Тогуз-Торо айылдык	Абдымалик кызы Касиет	Райондук суу чарба, инженер	Тогуз-Торо АШК №15, 21.11.2022-ж.
Ысык-Көл облусу				
Түп району				
5.	Ак-Булуң айылдык	Маданбекова Жибек Бактыбековна	Үй кожойкеси	Түп АШК №14, 19.11.2022-ж.
6	Сары-Булак айылдык	Шаршеев Рысбек Аалыевич	Жеке ишкер	Түп АШК №16, 19.11.2022-ж.
7	Түп айылдык	Сагындыкова Дамира Бекешовна	«Сүт-Булак» ЖАК, сүт алуучу	Түп АШК №14, 19.11.2022-ж.

АГЕНТСТВО РАЗВИТИЯ И ИНВЕСТИРОВАНИЯ СООБЩЕСТВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ (АРИС)

Проект улучшения сельского водоснабжения и санитарии в Баткенской и Таласской областях (ПУСВС БТ)

ОБЪЯВЛЯЕТ КОНКУРС НА ЗАМЕЩЕНИЕ ВАКАНТНОЙ ПОЗИЦИИ:

Старшего инженера по техническому надзору для работы в подпроекте Искра Лейлекского района Баткенской области (1 позиция).

КВАЛИФИКАЦИОННЫЕ ТРЕБОВАНИЯ, ПРЕДЪЯВЛЯЕМЫЕ К КАНДИДАТАМ:

- Высшее инженерно-строительное образование или степень магистра;
- Наличие опыта работы в инвестиционных проектах, финансируемых международными донорскими организациями;
- Хорошее знание местных строительных норм и правил (СНиП);
- Наличие опыта в надзоре за выполнением контрактов на строительство инфраструктурных объектов является преимуществом;
- Не менее 5 летний опыт в области надзора за строительством систем водоснабжения, канализации, очистки сточных вод, а также других инфраструктурных объектов;
- Наличие квалификационного сертификата на предоставление соответствующих инженерных услуг Навыки общения устные и письменные на кыргызском и русском языках;
- Хорошие навыки работы с пакетом программ AutoCad, Microsoft Office.

Заинтересованные кандидаты должны зарегистрироваться/авторизоваться в качестве кандидата на вакансию (резюме на русском и английском языках, с указанием контактного телефона и электронной почты), на сайте АРИС и подать заявку на участие в данном отборе до **18.00 часов 23 декабря 2022 г.:**

Агентство развития и инвестирования сообществ Кыргызской Республики
720040, г. Бишкек, ул. Боконбаева, 102, каб. №1,
Тел.: +996 (312) 62-07-52,
Факс: + 996 (312) 62-47-48,
E-mail: zakupki@aris.kg

C/O-631

ЗАПРОС НА ВЫРАЖЕНИЕ ЗАИНТЕРЕСОВАННОСТИ

Отбор консультационной компании для разработки социальных видеоуроков по правилам строительства наружных туалетов с улучшенной вентиляцией и септиков в сельских домохозяйствах

- Страна: **Кыргызская Республика**
- Проект: **«Проект устойчивого развития сельского водоснабжения и санитарии (ПУРСВС)»**
- Задание: **Разработка социальных видеоуроков по правилам строительства наружных туалетов с улучшенной вентиляцией и септиков в сельских домохозяйствах.**
- Ссылка №. (согласно Плану закупок): **IDA-SRWSSDP-AF-CQS-2022-11**

Кыргызская Республика получила средства от МАР (Международная Ассоциация Развития) для финансирования «Проекта устойчивого развития сельского водоснабжения и санитарии (ПУРСВС)» и намеревается направить часть данных средств на получение консультационных услуг.

Консультационные услуги (“Услуги”) включают разработку социальных видеоуроков по правилам строительства наружных туалетов с улучшенной вентиляцией и септиков в сельских домохозяйствах.

Техническое задание для данного задания могут быть получены на основе регистрации заинтересованной компании по нижеуказанному сайту АРИС.

Агентство развития и инвестирования сообществ (АРИС) является агентством, реализующим данный Проект. Агентство настоящим приглашает правомочные консультационные компании (“Консультантов”) для выражения заинтересованности в предоставлении данного вида услуг. Заинтересованные Консультанты должны представить информацию, демонстрирующую наличие требуемой квалификации и соответствующего опыта для предоставления данных Услуг.

КРИТЕРИИ ДЛЯ ВНЕСЕНИЯ КОМПАНИЙ В КОРОТКИЙ СПИСОК:

- Не менее 3-х лет подтвержденного опыта в производстве графического/анимированного видео;
- Три или более примеров предыдущих видеороликов / портфолио компании;
- Не менее 3 рекомендаций от менеджеров клиентов;
- Квалифицированный персонал с опытом работы в соответствующей сфере не менее 3-х лет (режиссер/менеджер, дизайнер анимационной графики, сценарист/редактор, звукорежиссер, диктор).

Внимание заинтересованных Консультантов будет обращено на параграфы 1.9 и 1.11 Руководство ВБ: *Отбор и найм консультантов в рамках займов МБРР и кредитов и грантов МАР Заемщиками ВБ”, изданного в январе 2011 года, отредактированного в июле 2014 года* (“Руководство для консультантов”), в котором описана политика ВБ относительно конфликта интересов и правомочности.

Консультанты могут сотрудничать с другими компаниями в форме совместного предприятия или субподряда в целях улучшения своей квалификации. Все члены совместного предприятия должны совместно и обязательно нести ответственность за выполнение этого задания. Однако опыт суб-подрядчика не будет учитываться при внесении компании в окончательный список кандидатов.

Консультант будет отобран в рамках метода отбора по качеству (CQS), описанного в Руководстве для консультантов.

Более подробная информация может быть представлена по адресу, указанному ниже в течение рабочих **часов (9.00-18.00)** с понедельника по пятницу.

Выражения заинтересованности могут быть представлены в письменном виде по адресу, указанному ниже (лично, посредством электронного сообщения, по факсу, по почте) до **23 декабря 2022 года.**

Агентство развития и инвестирования сообществ (АРИС)
кому: Исполнительному директору АРИС
КР, г.Бишкек, 720040, ул. Боконбаева, 102
Тел.: + 996 (312) 62-07-52, 30-18-05
Факс: +996 (312) 62-47-48
E-mail: zakupki@aris.kg
Web site: www.aris.kg

C/O-632

Проект «Устойчивого развития сельского водоснабжения и санитария» (ПУРСВС)

Проект «Устойчивого развития сельского водоснабжения и санитария – Дополнительное финансирование» (ПУРСВС-ДФ) финансируемого Всемирным банком,

ОБЪЯВЛЯЕТ КОНКУРС НА СЛЕДУЮЩИЕ 2 (ДВЕ) ВАКАНТНЫЕ ПОЗИЦИИ:

Специалисты по закупкам (2 позиции)

МИНИМАЛЬНЫЕ КВАЛИФИКАЦИОННЫЕ ТРЕБОВАНИЯ:

- Высшее образование или степень магистра в области экономики, логистики по закупкам, международного бизнеса, управления бизнесом, экономики и финансов или в другой соответствующей области;
- Не менее 3-х лет опыта в международных/национальных конкурсных торгах и планировании закупок;
- Хорошее знание и практический опыт работы с правилами и процедурами закупок Всемирного банка и/или других международных организаций по развитию (например, АБР, KfW и т.д.);
- Опыт разработки Руководства по закупкам и Стратегии закупок для проектов, включая соответствующие главы Операционных руководств;
- Хорошие знания и практический опыт работы с правилами и процедурами государственных закупок, подтверждённые сертификатом, выданным уполномоченным органом;
- Опыт работы в системе STEP является преимуществом;
- Высокий уровень честности и подотчетности по всем аспектам закупок по проекту;
- Свободное владение кыргызским и русским языками (письменно и устно), хорошее практическое знание письменного и разговорного английского языка;
- Навыки работы с пакетом программ Microsoft Office.
- Наличие сертификатов о прохождении обучения в области закупок является преимуществом.

Заинтересованные кандидаты должны зарегистрироваться/авторизоваться в качестве Кандидата на вакансию (резюме на русском и английском языках, с указанием контактного телефона и электронной почты), на сайте АРИС: **www.aris.kg** раздел «тендеры», «вакансии» и подать заявку на участие в данном отборе до **18.00 часов 23 декабря 2022 г.**

Агентство развития и инвестирования сообществ Кыргызской Республики 720040, г. Бишкек, ул. Боконбаева, 102, кабинет №11, тел.: + 996 (312) 62-07-52, 30-18-05, факс: + 996 (312) 62-47-48, e-mail: zakupki@aris.kg

C/O-632

Проект «Устойчивого развития сельского водоснабжения и санитария» (ПУРСВС)

Проект «Устойчивого развития сельского водоснабжения и санитария – Дополнительное финансирование» (ПУРСВС-ДФ) финансируемого Всемирным банком,

ОБЪЯВЛЯЕТ КОНКУРС НА СЛЕДУЮЩИЕ 2 (ДВЕ) ВАКАНТНЫЕ ПОЗИЦИИ:

Консультанты на подготовку ведомостей объемов работ и чертежей посредством проведения технического обследования внутренних санитарных узлов и сооружений пилотных социальных учреждений Чуйской, Ошской и Иссык-Кульской областей (2 позиции)

МИНИМАЛЬНЫЕ КВАЛИФИКАЦИОННЫЕ ТРЕБОВАНИЯ:

- высшее инженерно-строительное образование (степень магистра) с опытом работы строительства и проектирования зданий и сооружений, водопроводных и канализационных систем, не менее 5 лет в указанных сферах;
- опыт работы по авторскому и техническому надзору за процессом строительства зданий и сооружений, водопроводных и канализационных систем;
- опыт работы в проектах, финансируемых международными донорскими организациями; желательно опыт с осмотром инфраструктурных объектов и техническим аудитом строительных проектов;
- хорошие навыки составления отчётов;
- хорошие навыки работы с пакетом программ Microsoft Office, AutoCAD, Интернет и информационной системой управления в 1С;
- отличные знания государственного и официального языков.

Консультанты по независимой верификации санитарных сооружений домохозяйств пилотных подпроектов Ошской, Иссык-Кульской и Чуйской областей (2 позиции)

МИНИМАЛЬНЫЕ КВАЛИФИКАЦИОННЫЕ ТРЕБОВАНИЯ:

- высшее экономическое и инженерно-техническое образование с опытом работы не менее 5 лет в указанных сферах;
- опыт работы по техническому надзору за процессом строительства санитарных сооружений;
- опыт работы в проектах, финансируемых международными донорскими организациями; желательно опыт с осмотром инфраструктурных объектов и техническим аудитом строительных проектов;
- хорошие навыки составления отчётов;
- хорошие навыки работы с пакетом программ Microsoft Office, Интернет и информационной системой управления в 1С;
- отличные знания государственного и официального языков.

